333 кирг
С28
65

БАКАЙ СЕКСЕНБАЕВ

# ЖОЛ БИЙИКТЕП БАРАТ



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач ____________

ЗЗЗкирг
С28

БАКАЙ СЕКСЕНБАЕВ

# ЖОЛ БИЙИКТЕП БАРАТ

Ошская
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 197301

АБОНЕМЕНТ

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ — 1972

Сексенбаев Бакай

С 28

Жол бийиктеп барат. Повесть. Ф., «Кыргызстан», 1972 92 бет. 3000экз. 11 т.

Бакай Сексенбаевдин колуңуздардагы экинчи китеби Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, Чүй районундагы «Шамшы» совхозунун саанчысы Ширин Койлубаеванын эмгек жолуна арналган.

Мында каарман саанчынын түрдүү кыйынчылыктарды басып өтүп, эмгектик жаңы жеңиштерди жаратуудагы кылган аракеттери кеңири сүроттөлөт.

Сексенбаев Бакай

Дорога поднимается на верх.

6К3

— Буюрса күздө — ак төөнүн карды жарылган мезгилде той беребиз.

— Эмнеге?

— Алдагыга.

Жумагүл «алдагыга» деген сөзгө чочуп, жан-жагын карады. Анан бат эле түшүнө калып жүзү ажарлана түштү. Аблабек карс-карс күлдү.

— Түшүндүңбү эми?

— Кудай сактасын, көп эле аял төрөп жүрбөйбү.

— Айтканга гана оңой. Көрөөр элем, башыңарга келсе.

— Эч нерсе эмес байбиче, башка келсе андан чоңун да көтөрүүгө даярмын. Ошентип-ошентип көнөсүң.

— Конбоско айла канча.— Жумагүл түйшөлө тынчыздаиды. Ошентип экөө бул кечте көпкө аркы-берки келечек жөнүндө сөз кылышты. Сөздүн акыры ат коюу менен бүттү.

— Эркек болсо Эркинбек коём.

— Кыз болсочу?

Аблабек бир азга ойлоно калды. Анан Жумагүлгө жалт бурулду да: — Атын өзүң кой,— деди.

— Мен койбойм, эркектин атын койгон киши кыздыкын да коёт, эгерде кызды жаман көрсөң, анда мен деле сага керек эмесмин да.

— Койдум байбиче, койдум. Кулдугум бар. Сөзүмдү кайра алдым.

— Андай болсо атын азыр айт. Жумагүл оюн-чынынан кысмакка алды.

— Эмесе угуп тур.—Аблабек чала сабаттуу болгону менен айта турган оюн алыстан баштап, анан айтчу. Бул жолу да ошондой болду.

— Алдыда күтүрөтүп айдаган малыбыз дале жок, бирок кийим — бүтүн, курсак ток, биздин гана эмес, элдин турмушу жылдан жылга оңолуп, мына биз да өзүбүзчө түтүн булатып отурабыз. Адегенде жалгыз элем, эми экөөбүз болдук, жакында үчөө болобуз. Анынкысы анан, дагынкысы дагы. Биздин баш кошушубуз — бул турмуштун ширесин бирге таткандык. Биздин ушул жыргал турмушубуздун алгачкы күбөсү болгондуктан, алдагы кыз болуп калса атын Ширин коёрбуз.

— Деги бүттүбү, бай болгур. Көңүлүңдөгүнү айткыча көз уйкуга кетип кала жаздады. Бул атың мага жагат,— деп, Жумагүл көңүлү көтөрүңкү шаңк этти.

Тоо жели бул экөөнүн сөзүн желпип алда кайда алып кетип жатты. Дубалы көтөрүлүп калган жаңы үйдүн жанында, түндүн бир оокумунда көк асмандын алдында көйкөлө уйкуга кетишти. Кандай таттуу уйку. Кандай тунук аба. Бир заматта адамды сергитип, көңүлдү жашартат. Эгерде колдо чоңойгон эгиз улак булардын тынчын кетирбесе, дагы бир топко уйкунун кучагында чабак урары бышык эле.

— Туралы. Сен оюң менен орок оруп, санааң менен Самарканга барып жатып, уктап калган турбайбызбы. Жумушуң эмне болду.— Жумагүл Аблабекти тамашалап булкуп ойготту.

— Аттиң аяй, күздүккө суу байламак эмес белем.— Ал туруп, карбаластап кийине баштады.

— Чайыңды кой байбиче, максымга чил баш кылып талкан чал,—деп көөнөргөн калпагын бийик туруп

кийин, чоң кетменин таянган калыбында Жумагулду күттү. Ал сыр аякка айткандай кылып максым алып келди. Аблабек кере-кере жутту. Анын ушул жолку максым жутушу, жанындагы чоң кетмени, азыр барып, Шамшынын шар аккан суусун күздүккө буруп эгин сугарышы, өзүнчө эле адамдын алпын көз алдыга элестетти. Бул жөнөкөй адам эмес, эмгектин, жакшы тилектин, ырыскынын, берекенин адамы экенин көрсөтүп турду.

...Коон жыттанган коңур күз үй-бүлөгө тилегендей жаңы кубаныч алып келди. Жумагүл аман-эсен төрөп, аты убада боюнча Ширин коюлду.

— Биздин турмушубуздун шириси,— деп экөө тең, ал гана эмес, чоң эне да жетине албай чечекейи чеч.

— Ким билет, эгерде эл башына түшкөн мүшкүл согуш болбосо, бул үй эчак шаар болуп калат беле?

Чоң эне уулун үйдөн гана узатып калды. Аблабек Ширинди көтөрүп, мойнунан кайта-кайта жыттады. Ал баягында сугатка баратып максымды кере-кере жутканы Жумагүлдүн эсине келе түштү. Анда кичинекей жоолукка нан ороп, ак калай челекке максым куюп берип,— апан курсагың ачканда тамактан деп жөнөткөн. Абдан сүйүнгөн, анткени ал адатынча кечинде үйгө келатканда алыстан эле бирдемелерди кобурап, үйдүн айланасында жаткандарды терип-тепчип келет. Анда-санда,—ие Жума, улактар көрүнбөйт го, апам кайда кеткен,— деп үн сала турган. Ушуларды ойлоп Жумагүлдүн көзүнөн жаш тегеренет. Ширин ушуларды көрүп турат, бирок атасынын кайда баратканын, анын келер-келбесине акылы жете элек. Жөн гана күндөлүк көрүнүш катарында көрдү.

— Шикентай, мени сагынбай жүр. Энең менен апаңдын тилин ал, жардам бер ээ,— деп дагы эңкейип баштан сылады. Эми ал Ширинди бетинен, мурдунун

учунан, көзүнөн кайта-кайта өөп коштошту. Жумагүл Аблабекти районго чейин узатып келди. Алар бат эле жөнөй турган болду. Ал Жумагүлдү, Жумагүл аны аяп, көп сөз козгошкон жок. Кимиси эмне жөнүндө айтып, эмнеге көңүл буруу керектигин күн мурунтан эле билген сыяктуу. Чынында түшүнүктүү болчу. Айтылбай жаткан сыр турмуштун оорлугун туруктуулук менен көтөрүү болчу.

Катарга тизилип поездге түшүүгө команда болгондо гана, бирине-бири,— аман барып, аман кел! Жакшы тур, апамды, Ширинди жакшылап бак,— деген гана сөздөр айтылды. Бир-бирине аёо, сыйлоо сезимин билдиришип, жеңил гана өбүшүп коюшту. Экөөнөн тең мончок жаш буурчак этти. Бул бекем убаданын анттын тамчылары болду.

...Чындап эле турмуштун оор жүгү жалпы эле калк башына түшкөндүгү күндөн-күнгө сезиле баштады. Күн сайын, күн алыстап аскерге жөнөй берип, кыска эле мезгилдин ичинде айылда кары-картаңдар менен бирге кыз-келиндер, эселек балдар калды. Мына эми, турмуштун арабасын тартып көр!

Кыраакы эне бардык кайратын ичине кармап, келини Жумагүлгө, небереси Ширинге эч шек келтирбей тың.

— Ургаачы жолборс жок бекен, балам, жүүнүң бошоп бараткансыйт, биз сендей кезекте күнүмдүк оокат үчүн байдын оту менен кирип, күлү менен чыкчубуз, азыр антип алаамат болуп жатканы менен теңчилик эмеспи, келечектен күдөр үзбөй жакшылап иште, үй оокатты Ширин экөөбүзгө кой.—Эне бул сөздү эң алгачкы күндөрдө Аблабектен көптөн бери кат келбей калган кезде айткан эле.

Канча кылса да кол бала болуп калдыбы, Жумагүл чындап эле сагынычын унуткара, бүгүн эрте ту

руп ишке кетти. Чоң эне бул убакта эчак туруп, уй саап жаткан эле. Келининин кетип баратканын көрүп, — Күнүң түшкүрдүкү ай, ушундай да болобу, же күйөөңүн ыракатын көрбөй, же турмуштун ыракатын көрбөй,— деп өзүнчө кобурап, көз жашын бир имерип алды. Уйду саап бүтүп музоону салды. Музоо да, эки үртүнөн буртулдата көбүк чыгарып, магдырай ыракатка батты. Ширин жаңы эле уйкудан көзүн ачып-жумуп тошок үстүндө. Айланасында эч ким жок. Анасынын жаткан орду эчак муздак, өзү жалгыз калыптыр. Ал огүнү да ойгонуп тура калып атасын жок көргөн, апасын да, энесин да кейиткен эле. Азыр эмнегедир эңсиреп ичи ачышты, ыйлагысы келди. Көзүн ушалаган бойдон эшикке чыкты. Ошол убакта кемегенин жанында ыйлап отурган энесин көрүп таңдана түшүп, жанына келди.

— Эмне болду, эне?

— Эч нерсе болгон жок, кагылайын.

— Анан эмне ыйлап жатасың?

— Жон гана. Мына бу музоо...— деп андан аркысын айтпай эне дагы жашыды.

— Музоо бутуңду тепсеп алдыбы.— Ширин эненин коңултак галош кийген бутуна үңүлдү.

— Ии.

Музоо чын эле басып алыптыр. Канталап чыга түшүптүр.— О, макоо,— деп ызырына Ширин жерде жаткан кыпчуурду алып чапмакчы болду.

— Кой балам, аны айбан дейт, сени адам дейт. Ошондой да кылчу беле. Андан көрө энеңди айтпайсыңбы, музоого алы жетпеген,— деп эне небересин колдон алып тизесине отургуза бетинен сылады.

— Эне, мындан ары дайыма музоону мен салам, уйду сен саайсың. Анан уйду да мен саайм ээ.— Ширин балалык назиктик менен энени кучактады.

— Ооба, жанымды чабайын, ошентесиң. Сөзүң ошентесиң.— Ал туруп музоону тартып булкунта казыкка байлады. Ширин энесин соорото айтса да, чындыгында эле күндөн күнгө үй түйшүгүнүн көбүн атка ра баштады. Анын бул аракети — энесин аягандыгы болсо, экинчиден дегинкиси кол арага жарай баштагандагысы болду. Көрсө убакыттын көбү өтүп кеткен тура.

Ширин да атасын өзүнчө сагынды. Көпкө күттү. Жыл айланды, келбеди. Баягыдан да кат келбей калды. Бала эмеспи, өлүм деген оюна келбейт. Тек гана атасын сагынган бала катарында жүрө берди. Карт эне мурда эле өлүмдөн жүрөгү үшүгөн адам ого бетер кал таарып, алда неме деген сөз чыгып кетээр бекен деп кооптонот. Жумагүл тек гана өмүрлүк жолдошунун келишин күтөт. Туталанат. Дайыма бир жак капшыты бош. Ээн. Жалгызсырайт. Эки ат кошкон турмуш арабасынын бири күйөөсү болсо, экинчиси өзү болуп жүргөн келин, эми бардык жүк жалгыз өзүнүн мойнуна түшкөнүнө абдан каржалып жүрөт. Ушундай мезгилде Аблабек келип калса кана! Атаганат ушундай күн болоор бекен?! Эч болбогондо баспаган атка чү деген дем дегендей чү дегенчелик бир дем болсо ээ!

## УГУЗУУ ЖАНА КАЙРАТ

Ким билбесин кансыз согуш болбосун,
Кан деп учат, жан деп учат коргошун,
Кан майданда каза тапкан көрүнөт,
Каалап тийген кадыр шерик жолдошуң.
*(Мидиндеп)*

Душман чегинип өзүнүн чек арасына жетип калган мезгилде Аблабектин баатырларча курман болгон

дугу жөнүндө кара кагаз келип, эне бүктүшүп, Жумагүл кара жамынды. Ширин качантан бери тилеп жүргөн бирден бир ишеничин, кубанычын эми гана карачыга алдырып жибергенсип чырылдады. Эмне кылар айласын таппай энесинин, апасынын жанында чарк көполок айланды.

Бул биринчи кокустук болбогондуктан арадан бир нече күн өтө совхоздун директору, поселоктук советтин председатели келип, адатта болуп калган өздөрүнүн кошул айткан сөздөрүн узатышты.

— «Ат башына күн түшсө,
Ооздугу менен суу ичет.
Эр башына күн түшсө
Өтүгү менен суу кечет,» —

дегендей азыр абал абдан кыйын. Биздикилер тынымсыз чабуулга өтүп жатат, бирок мунун өзү биздин тынч жатып калуубузду талап кылбайт. Азаматтар дале болсо майданда. Өзүңөр көрүп турасыңар, бул жердеги иштер да күн санап киши күчүн талап кылып жатат. Эгерде ылайык көрсөңөр ишти улантсак.— Директор мелтиреп жер чукулаган калыбында буларды оор басырык үн менен айтып, оор улутунду.

— Барбаганда эмне кылабыз. Минтип кара жамынган жалгыз меңби, атасыз калган жалгыз эле Ширинби, же ботосу өлгөн иңгендей боздогон жалгыз эле апамбы? Рахмат акылыңыздарга, эртеңден баштап иште болом.— Жумагүл жоолугунун учу менен дагы бир ирет көз жашын сүртүп тигилерди узатты.

Ошол күнү кеч Аблабекти угузгандан кийинки бул үй-бүлөдөгү үч адамдын ортосундагы биринчи жолу аңгемелешкен күн болду. Анткени ушул өткөн беш күндүк оор жүктү булардын ар кимиси бирдей тартышты. Катуу тийди. Бирок Шириндин жүрөгүндөгү

сырды эч ким билген да эмес, эч ким күткөн да эмес. Ал сыр жана совхоздун жетекчилери келип кеткенден кийин гана ачылды.

— Апа, бардык түйшүк атам аскерге кеткенден кийин жалгыз гана сага түшүп жатат. Энем мага музоо салып, уй сааганга үйрөттү. Мен дале өзүң менен кошо барып жардамдашайынчы.

Шириндин апасы муну күткөн эмес, дале болсо ал көзүнө кичине, секелек көрүнчү.

— Кой, балам ашыкпачы. Азырынча кабыргаңды кайыштырбачы.

— Тил алсаң, апа. Эч кимге айтпай эле койсоң, жөн гана өзүңө жардамдашайын.

Жумагүл көпкө ойлонуп, кызынын мизин кайтаргысы келбеди окшойт,— жатып уктачы, эртең менен акылдашалычы,— деп жоопту эртеңкиге калтырды.

«Бардыгы эртең менен чечиле турган болду,» деп ойлоп жатып Ширин көпкө уктай албады. Эгерде эртең менен уктап калса, анда анын максаты аткарылбай кала тургандай сыяктанат. Анда апасы,—иштей турган киши да сендей уйкучу болобу,— деп уяткарып койбосун деп шектенет. Андай болушу да ыктымал. Ошентип эртеңкинин ой түшүнүгүнүн туткунунда жатып, бир аз гана көзү илинди. Короз а деп кыйкырганда ойгонуп алып жата берди. Адатта саанчылар таң азандан турушат эмеспи, Ширин эми апасынын качан күйшөлүп турарын күттү. Мындайда убакыт жылбай мелтирейт да, чиркин. Ал чыдабады.

— Апа, турбайсыңбы?

Жумагүл чочуп турду.

— А мээнетиңди алайын, качан ойгонгонсуң?

— Жана эле.

— Уктаган жоксуңбу?

— Уктадым.

— Кантип ойгондуң?
— Короз кыйкырып...
— Антпей эле уктабай чыккансың го.
Ширин жашыра албады.
— Бир аз эле. Уйкум келбей койду.
— Мени менен барам деп турасыңбы эми?
— Апа, макул деп койчу. Аябачы мени. Үйдө энем бар эмеспи.—Ширин апасын кучактап эркеледи.
— Болуптур эмесе, жүрү. Энеңе өзүң эскерт.
Ширин ошол замат туруп энесинин кулагына шыбырады:
— Эне, мен апам менен кошо саанга баратам.
— Эмне дейт, чунак.
— Саанга, эне, саанга.
— Эмнеге?
— Апама жардамдашайын.
— Качан келесиң?
— Саан бүткөндө.
— Мейлиң, балам.
Ошентип, каралуу күндөн беш күндөн кийин Ширин апасы менен биринчи жолу ишке чыкты.
Жан үшүткөн суук кабар биротоло ушул үйгө түнөк алып алгансып, Ширинди ого бетер ичиркентет. Канткенде мындай чуудан кулакты далдаа кылам? Апамдын жана чоң апамдын көз жашы көл болуп кетти го. Ушул ойлор Шириндин купуя сыры болду. Бир чети орду толбогон жоготуудан алагды болуу үчүн, экинчи жагынан турмуштун оор жүгү жүктөлгөн арабаны жалгыз апасына тарттырууга жүрөгү чыдабады. Мына бүгүн эшик, терезеси чала-чарпыт сынган сарайга келип, апасына жардамдашып жүргөнү ошол себептен.
Алар бүгүн биринчи болуп келишти. Жазгы суук жандан өтөт. Уйлар да үшүп жүндөрү узарган. Келген

добуштан улам алда кимдендир жардам күткөнсүп акырын мөөрөшөт. Алдыларында эч нерсе жок. «Ушул суукта кандайча саашат,» — деп ойлоду Ширин. Аңгыча каруулларына чака кыстарган саанчылар келе баштады. Таңдан али кабар жок. Түндүн узун кези эмеспи. Сайра бака-шака сүйлөп, оозунан от жанып келе жатты. Ширин да аны тамеки тартып келатат деп ойлоду. Сарайдын ортоңку эшигинен экөө капылтүпүл жолуга калышты.

— Эрбеңдеген сен кимсиң? — Сайра жакындап келатат.

Ширин унчуккан жок. Жөн гана чаканы кармаган калыбында басыгын улантты. Сайра ага жете келди.

— Ээ айланайын, Ширинсиңби? Түндө эмне кылып жүрөсүң? Апаңды кудай урганбы, жалгыз сарайга жиберип.— Ал сүйлөп да, басып да келатты.

— Жок эже, апам экөөбүз келгенбиз.— Ширин уялыңкырай жер карады.

— Аны карышкыр жемек беле жалгыз! Ал эмес... — деп баратып токтоп калды. Ал кечээки эле суук кабарды кайталамакчы болгон. Анан жаранын картын сыйрып аламбы деп кооптонуп оозун карманды.

Аңгыча уйлардын арасынан Жумабүбү чыгып:

— Эмне эле бакылдап келатасың? — деп каршы алды.

— Ширинди эмне ээрчитип алгансың? Күндүн суугу бул болсо, жайкы уйлардын демеп турган кези эмес.

— Болбой койду барам деп.

— Бала да. Баланын тили менен да болобу.

— Уктабай чыкты. Жардамдашам дейт. Энесинен да сурады.

— «Баланы жашынан» дегендей эмитен баланын ою менен болгон жарабайт.

Экөө ушинтип сүйлөшүп жаткандары толук бойдон Ширинге жетмек турсун, бүтүндөй сезимин аралап, бирде муздатып, бирде жибитип жатты. Муздатканы— Сайранын айткан эпсиз акылы, жылытканы — апасынын баласына туура түшүнгөнү. Экөөнүн бул аңгемесинен Ширин өзүнчө тыянак чыгарды.

«Мен бул жерге жыргаганыман, эркелегенимен келдимби?! Жок. Турмуштун оор жүгү мени эркелетип койдубу?! Атам кана? Ал экинчи болбойт. Энем бүктүшүп калды. Апама оорлук бир эсе эмес, эки, үч эсе түштү. Анан мен кайсы арыма эркелейм. Мен ээленип, өз билгенимди кылбаганыма күмөн санашпай эле койсун.» Ушуларды Ширин өзүнчө күңгүрөндү. Муну өзүнөн башка эч ким билген жок. Жүрөктүн тереңинде сакталды... Булар айтылуу үчүн ыңгайлуу учур, ылайыктуу жай гана керек. Азырынча барлыкты иш менен гана көрсөтүү калды. Анын үстүнө апасы менен тең аялга жогорудагы жоопту айтуу Ширинге ылайык да эмес, эрте. Эгерде айтылып кетсе, ал үчүн жакшы атак болбойт. Ооба, азыр жакшы атактын да, жаман атактын да ага кереги жоктой.

— Мейли, көнүгө берсин, өзү ынтызарланып жатпайбы.— Ал ичинен кызынын ишке ынтызарлыгына кубана кобурады.

— Жумшаксың. Өтө эле жумшаксың.— Сайра акылдуусуна бурк этип, өйдөсүндү.

Жумагүл тырчыды.— Сенин оюң боюнча баланын жонунан кайыш тилип гана туруу керекпи?

— Эркиң келсе эки кулагыңды чой. Ага эмне адырандайсың. Же жеке эле сенин балаң барбы.

— Мен адырандаган жокмун. Өзүң тийишип жатпайсыңбы. Болбосо мен сага жабыштымбы?

— Көрөрмүн.

— Көрсөң көр. Акылыңды да кой, урушуңду да

кой. Көп бакырбачы. Согуштун басмырлаганы да жетишет.— Ал ачуулуу шаңк этип бурула басты. Бул убакта Ширин сааган сүтүн ийиле көтөрүп келип калган болучу. Тигил экөөнүн сөзүн аягына чейин укпаса да чаң-чуң эткен үндөрдү угуп калган. Жумагүл чындап ачуусу келип калган эле.

— Сени бүлөөдөй бакылдатып дүнүйө капар кылган ууру күйөөңдүр. Өзүң уйлардын жеминен уурдасаң, күйөөң түн баласында уктабайт. Дагы көрөрмүн деп коёт, уятыңа ит сийген акмак.— Ал бетме-бет келип ушуларды айтып мойнуна коё сүйлөдү.

Сайра басаңдай түштү. Оозал сүйлөп алганына өкүнө,— жыландын куйругун баскамын го,— деп кетип баратты.

— Апа, мен үчүн урушпасаң. Оозуна алы жетпегендер айта берет да.— Ширин чатактын башы өзүнөн чыккандыгына ыңгайсызданып апасын аяды.— Мен болбосом ушул чатак чыкпайт эле, биринчи келген күнү мынчалык сөз болду, дагы андайлардын канчасы жатат.— Деги бүгүнкү чатактын чыгышына эмне себеп болгонуна ал түшүнө бербеди.

— Ал дайыма эле ушу. Урушпаган кишиси жок, өзгөчө күйөөсү кесилип кеткенден бери урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай жүргөн кези. Совхоздон бир боо чөп уурдап алса да олжо көрөт. Ширин апасы менен экинчи жолу уйлардын катарына жөнөй бергенде балдагын карч-карч таянып уй баккан Осмон келатты.

— Пейилиңерди оңосоңор боло, бул жем салган кампанын оозун ким ачты, ыя. Ким биринчи кирди эле. Качан оңолоор экенсиңер,— деп бардыгын каптап кирди.

— Биз келдик эле.— Жумагүл акырын үн катты.

— Биз дегендер кимдер?

— Ширин экөөбүз.
— Ширин дейби.
— Ооба.
— Кайсы Ширин.
— Аблабектин... Кызым.

Осмон бекеринен буларды каптап алганына өкүндү.

— Силерди алды деп жатканым жок, Жумагүл. Бир жүзү кара аралап кетсе керек, жемдин бир жагы эңшерилип калыптыр. Ал алдуу-күчтүү неменин гана колунан келет.— Анан ал кайта Жумагүлгө кайрылды:

— Ие, балам, Аблабектин кызы чоң жардам берүүгө жарап жатабы. Жаңа күндүз директор айтты эле.

— Жарайт, аба, өзү ушинтип жардам берем деп болбой келди.

— Келсе жакшы болуптур, ээрчитип жүрүп үйрөт, иштегени эл үчүн, үйрөнгөнү өзү үчүн.— Осмон Жумагүлдүн намыскөйлүгүн, ишке жана кыйынчылыкка чыдамкайлыгын баштатан эле билгендиктен буларды айтып кайраттандыргысы келди. Бирок жем уурдаганды сурамжылап, биринчи жолу буларга кабылгандыгына абдан өкүндү.

— Балам, мага таарынбагыла. Эгерде азыр аны таап жазасын колуна бербесем эртең милицияга кабар берем. Эл минтип бардык жүктү биргелешип көтөрүп жатса, оңой оокат издеген немеге сооп жок. Ушунуку өттү. Бул биринчи жолку эмес, өгүнү да болгон, анчейин унчукпай тим болдум эле. Ал буларды айтып, узун сарайдын башынан аягына чейин кеткен коридор менен кетип баратты. Анын үнү да, балдагынын тырс эткен дабышы да алыстан угулат.

Ширин Сайраны жана ушул жем салган кампадан

чыгып келатканын көргөн. Бирок ага анча көңүл бурган эмес. Эми гана көңүлүнө тып келди. «Болду-болбоду, Сайра болуп жүрбөсүн!» Муну ал апасына айткан жок. Ширин апасы менен бирге бөлүнгөн уйларды бат эле саап бүтүштү. Чеп салышты. Жанакы чуу эстеринен чыгып эртең мененки саандан кийин үйгө кайтышты.

Уурдалган жемдин чатагы жерде калган жок. Чоң шашкеге чейин созулду. Акыры Осмон менен Сайранын ортосунда бетме бет айтышууга чейин жетти. Ал мындайча болду.

Уйларды кыдырып аягына чыга берерде каршы алдынан Сайра чыкты. Ал күндөгүдөн башкача көрүндү. Кийген куфайкасы аркасындагы жол-жол тигиштерде майдаланган арпанын калдыктары жабышып турду. Жүрөгү түрсүлдөдү. Чыдамсызданды. Токтоно албады.

— Түндө жемге ууру кириптир.— Осмон сөзүн ачуулуу баштады.

— Анын эмнесин мага айтасың.— Сайра сөздү укмаксанга салып акырды көздөй бурулду.

— Алдырган энесинин койнун ачат дейт. Сен мага жулкунба. Аялдар уурдап алат деп эми таңды кеч кампанын оозунда отурамбы. Башка жактан жем үчүн ууру келбейт. Силердин эле бириңер.

— Кармап ал. Мойнуна кой. Болбосо ар кимге келип былжырaба!

— Мен былжырап калыптырмынбы? Адам болсоңор ууруну табышпайсыңарбы?!

— Милиса чакырт.

— Чакырамын.

— Осмон башка сөз козгоп, аны менен ажылдашууну пайдасыз деп ойлоду. Эгерде сөзгө келсе көргөн белгисин ортого салмак. Ачуулуу чыгып кетти.

* * *

Ширин биринчи жолу уйку бөлдү болбодубу. Саандан келгенден кийин уктап түш оой ойгонот.

— Шикентай, турагой, апаң кетти ишке. Тамагыңды ичип, кааласаң бар.— Чоң эне небересине жалбарды.

— Барам, эне.— Ал тез шам-шум этип жөнөмөкчү болду. Жылт эткен күн нуруна бир аз ымшый түшкөн жолду жээктеп баратты. Сарайга жетпей Иманалынын үйүнүн тушуна келгенде андагы милиционерди көрдү. Бери жакта Сайра, Осмон, Сыяке, Ракыя отурушат. Сайранын каны ичине тартып, түйрүк эрди кымтууга келбегенсип дордоёт. Анда түндөгү таңга маалкы мүнөз жок. Берки саанчыларды милиционердин көзүнчө Осмон чыкырып келген. Эч кимден эч кандай сөз чыккан жок. Милиционер короонун ичи-сыртын аңтарып издеп жүрөт. Бир убакта жыйылган көңдүн ары жагынан эки мешок толтура жемди сууруп чыкты. Ширин бул дүрбөлөңдүү көрүнүштүн жанына токтоп турбады, кадамын ылдамдатып сарайга бет алды. Апасы өзүнүкүн бүтүп, тигил жакта жүргөн саанчылардын уйларын саап жатыптыр. Апасына жакын келди. Эмелеки көргөнүнө жүрөгү опколжуду. Сайранын эртең мененки сөздөрүн унутуп, аяп кетти. Апасына айткысы келди. Бирок апасынын сөзү аны алагды кылды.

— Бол, балам, тигил катардагы уйларды саашып жибер. Сайра эжеңди кудай уруп таштаптыр. Көбүн ошол жакка милиса чакырып кетти.— Ширин үн деген жок. Чаканы элпек алып уй саашка кирди. Сүт кур чакага өзүнүн иретсиз дабышы менен агып жатты. Эне да, бала да бул убакта Сайраны эстеринен чыгарып коюшту.

Сайра ал күнү саанга келген жок. Ширин анын



Областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 197301

көрүнүшүн күттү. Аны күткөнү — аяганы болчу. Анын түшүнүгүндө — ууруну милиция кармаса айдап кетет. Ошентип ал ошондон ары жоголуп кетчүдөй сезилет.

— Кой, жоголбой эле койсун. Карыган атасы, энеси бар. Бул айдалып кетсе аларды ким багат. Кокус апам болбой калса энемди ким багат эле деп ойлоп Ширин чочуп кетти.

Экинчи күндүн таңы менен кошо Ширин ишке дагы келди. Бул жолу анчалык таңдануу пайда болгон жок. Көп саанчылардын бири катарында көрүнүп кетти. Көңүлдөн Сайра чыкпады.

Үчүнчү жолу чака толгондо гана ал Сайраны көрдү. Уялып жер карады, сүтүн көтөрүп өттү. Уялганы менен көңүлүндө сүйүндү.

Ал энесин апасы багып, тигил Иманалыны кемпирди кызы Сайра багарына ою чалгындады. Сайра кечээкидей кыйкырыша сүйлөгөн да жок. Папиросун тартып бүтүргөнбү же тартпай таштаганбы, айтор бүгүн колун жеңине каткан абалда көңүлсүз. Эч ким менен сүйлөшкөн да жок. Апам аны көрдү, уялтпайын дедиби, билмексенге салып, уйду байлоо менен алек болду. Муну Сайра билди. Өзүнүн кечээки олдоксон мамилесин эстеди. Ал саай турган дале уй калбаптыр. Баарын бүтүрүп коюшуптур. Бүгүн эмнегедир буларда башкача мамиле, чечилип дале сүйлөгөн киши жок. Ар ким өзүнчө эле тиричилигин кылып жүргөнсүйт.

Биринчи саан бүтүп, уйларды Осмон сыртка айдай баштады. Күн мээримдүү тийип, уйлар магдырайт. Үймөк чөптүн күн тийген жакты бетине аялдар бирден-экиден келип, дем алууга чогулушту. Ширин апасын чукул жандай отурду. Бул ортодо Сайра жок.

— Айла кеткендеги кылган иш да, болбосо эки мешок жем кайсы жыртыкка тыгын болот эле.—Көп

эле уяткара бербегиле деп жана Осмон буларга сөз кайрыган экен. Ошондон кийин аялдар бир ирет Осмондун ачуусунун бат тарагандыгына ыраазы болушуп, бир ирет Сайрага боор оорушуп аңгемелешип отурушту. Сайраны чакырды Ракыя. Ал бирдемеге алаксып келбеди.

— Сайраш! Келсең мында.— Ал дагы кайталады. Бири-биринин сырын жакшы билишет. Экинчи кыйкырганда Сайра бери басты. Оор улутунуп катарга келип отурду.

— Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болуптурбу. Жаңылдың. Көр оокаттын айынан ушуну кылдың. Эми сага чоң сабак болду. Бир колдун ачуусун экинчи колуң менен бас.— Жумагүл сөз баштады.

— Рас эле, Сайраш. Кемпир-абышканы багып жаткан жеке эле сен эмес. Баарыбыздын башыбызда. Эки мүшөк арпа уурдап кесилип кетти дегендин өзү канчалык уят. Аларды ак ниет эмгегиң менен эле жакшылап бага аласың.

— Биз сени мурда кандай көрсөк, азыр дале ошондой көрөбүз. Баягы ачык мүнөзүңдө болчу. Карачы, бир эле күндө кейпиң келишип калыптыр.

Бир азга тынчтык өкүм сүрдү. Отургандар Сайрадан бир ооз сөз күткөнсүдү. Ал да туура түшүнгөн го. Көз жашын бир сүрттү да, өзүнүн колдураган жоон үнү менен сөзүн баштады:

— Мен кара жерге кирейин. Мени сабап өлтүрөр киши жок. Болбосо үйдө бышыкчылыкка жетээр эгин бар болчу. Аным аз келгенсип ошол күнү ким көрүнгөн менен урушуп акмак болбодумбу. Баарыдан да мобу тырмактай кыз — Ширинге уят болбодумбу — деп, ал буулугуп ыйлап жиберди.

— Турмушуңдун өлүгүн көрөйүн, бармактай балдарга уят кылбай эле жер менен жексен кылса боло.—

Аялдар бардыгы Ширинди карап калышты. Ширин жер караган абалынан жазган жок.

— Кой эми Сайраш, ал өзүбүздүн бала эмеспи, аларга мындан ары өзүбүздүн эмгегибиз, энелик акылыбыз менен өрнөк көрсөтөлү. Кайта-кайта өткөндү кайталай бербейли. Сени жабыла сурап алып калдык. Милисаны чакырган да Осмон, өзү баш болуп сураган да Осмон — деп, Саяке чыкты. Ошондон кийин бардыгы тараштЫ.

Бул күн Ширин үчүн кубанычтуу да, кайгылуу да күн болду.

Кырсыкты кайдан деп болбойт тура. Эртең менен Жумагүл төшөктөн турбай калды. Мунун себебин эч ким аныктай албады. Аны көчөөкү сүт куюлган фля-галардын бирин олку көтөргөнүнөн көрөт, Жумабүбү. Ошондо бели кырс дей түшүп, анан ооруксунуп калган. Иштин кызуусу менен анда билинген эмес. Мына эми, жөтөлсө да, чүчкүрсө да белдин ооруганы жанды кейитип, көздөн от чагылтат. Козголо албайт. Эне да «бойго» жетип жарым жан. Бир заматта үйдөгү оорулуу эки киши, үй тиричилик жана совхоздун 25 саан уюэми эле турмуш тушоосун кескен Ширинге туш келди. Жумагүл жакшы обдулду, өзүн сынап көрдү, бирок бертинип калган бел аны төшөккө бекитти. Көздөн булут айланат.

— Барлык түйшүк чын эле ушуга түшөбү. Айланайын ай, сенин бактың кана, же биротоло кош айтышканбы — деп, каңырыгы түтөйт. — Апа, эмне кобурап жатасың.— Ширин имерчиктей басып, апасынын жанына келди.

— Жөн эле, балам. Эмне кылып жатасың. Оокатыңды термелеп койсоң, бар тыякка, бүгүн-эртең эптеп огожу бол.

— Барам, апа. Мына тамагыңарды даярдап койдум. Сүттү өткөрүп коюп келем.— Ширин апасынын, энесинин көңүлүн жайлады.

— Барагой, балам. Биз тура турабыз да.— Жумагүл дагы бирдемелерди айтмак болгон. Аны айткан жок. Бул Ширинге да жакты. Эгерде апасы дагы сөзүн узатса, адаттагы акылын айтса көздүн жашы өзүнөн өзү чайпалып кетет эле. Анысын билгизген жок, жөнөй берди.

— Апам белин мертинтип алыптыр, кечээ. Уйларын саай берейин, ата,— деп, Ширин Осмонго айтканда ийменип Ракыя кайрылды.

— Саай бер, берекем, колуңдан келишинче. Ага эмне болуптур. Деги жүргөнү жаман, жанын таштап,— деп, чебелектеди Ракыя.— Ал өзүнчө тынчсызданды. Бирде Жумагүлгө, бирде Ширинге боору ачыйт.

— Эч нерсе эмес, апа, апамдын ордун аткара турайын,— деп гана, Ширин оор-басырык жооп берди.—Ал чын эле апасын эки-үч күндө туруп кетет экен деп ойлогон, иш андай болбой чыкты. Саратан жай дегенде араң туруп эшикке кирип чыкты Жумагүл. Бирок саанга баргыча али көп бар эле.

## ЖОЛ

Чытырман токой. Айлана күңүрт. Жана күндүзүндө да жакшы болду, андагы жалгыз аяк жол үлбүл-үлбүл көрүнчү. Эми жаман болду. Кыргыз, өзгөчө тоодогу малчылар жылдызга карап жол жүрчү эмес беле. Эми ал белгилеп алган жылдыз да батып кеткенсиди. Айлана дүлөй караңгылыктын кучагына батып кеткенден кийин соо менен сокурдун эмне айырмасы бар. Мындай учурда бардыкты көөдөн — сезим гана бий-

леп калат тура. Ага ушул токойдун чети мына бул эле кол жеткен жерде турду. Ошол жерде эч качан кеч кирбеген дүйнө. Ошого чыгып алса ал жерден эч жакка кетпейт, ошол жерде ишин уланта берет.

Бул сезимде пайда болгону менен чынында эле токойдун ары жак четинен асмандын тең жартысын жууган шоола чачылып жатат. Анын чыгып жаткан жери жакын окшойт, болду-болбоду ушул токойдун ары эле чети болуу керек. Атаңдын көрү ай, мурдатан жылдыздардын жайгашканын баамдап калсам ушундай учурда сокурга таяк карматкандай болоор эле. Ага али эрте.

Жумагүл экинчи жолу белин мертинткенден кийин саандан гана эмес, башка жумуштан да алыстады.

— Иштесем, арабага кошулган эки аттын биринчелик болот элем,— дейт капаланып Жумагүл.

— Капаланба, Жума, өзүң үйрөтүп, өзүң даярдаган орунбасарың турат. Ал сенден кем калбайт, кадимкидей иштеп жатат. Андан көрө ага туура багыт берүү керек. — Осмон Жумагүлгө өз оюн айтты.

Ширин кечинде үйгө келгенде төшөктө жаткан апасынын жанынан Осмонду көрдү. Ал сүйлөшүлүп жаткан сөздүн аяк жагын гана укту:

— Айтабыз, айтабыз. Ал жөнүндө кам санаба.— Ага удаа эле:— Келе гой кызым, бүтүрүп келдиңби. Саалган сүттү жөнөттүңөрбү,—деп, шашып калды.

— Ооба, аба. Бардыгыбыз бүттүк. Чөп салып коюп тарадык.

— Деги баягыдай кыйналган жоксуңбу, кызым?

— Жок. Көнүп калдым го.

— Мындай отурчу, Ширин.— Осмон оюн жыйынтыктаган болуп сөзүн улады.

— Апаң эми иштей албай калды. Эки тизгин, бир чылбыр өзүңдүн колуңда. Үйдө да, тышта да иштин

башында өзүң калдың. Кырсык болду, атаң тигинтип кетти, кырсык болду, апаң минтип оорукчан. Энең да карылыгы жетип калды. Ишиңди уланта бер, эгерде кыйналып баратсаң айт, жардамдашабыз. Эң негизгиси өзүңө байланышат. Биз директор, парторг болуп акылдашып, апаңдын ордуна өзүңдү калтырдык. Башка айла жок. Согуш көбүбүздүн кабыргабызды сөгүп кетпедиби.— Осмон балдагын жерге шыкылдатканын токтотуп, өзү да жашып кеткенсиди.

Ансыз деле бардыгын мойнуна алып, иштеп келаткан Ширин бул жолу жашыра алган жок, эчкирип ыйлап жиберди.

— Аман-эсен эле болуп беришсе болду. Иштен корккон жокмун.

— Эмесе балам, минтип көз жашыңды көлдөткөндү кой. Жаш кишидей тырсылдап жүр. Илгери тебетей менен бир койсо жыгылбаган кызды бойго жеткен кыз катары эсептеп күйөөгө берчү экен. Сен тебетей эмес, килейген уйларды былк эттирбей байлап, сүтүн саап жатпайсыңбы. Сен эми чоңойдуң. Үйдүн ээсисиң. Апаң үшкүрсө, кошо үшкүрчү болбо. Мына мындан ары сенден эл катары талап кылам.— Осмон өзү чыйрала сүйлөп, Ширинди намыстантты.

Ушул кечте Осмондун кийинки сөздөрү Шириндин кулагында көпкө жаңырды. Мына ушундан кийин анын жаштык кыялы турмуштун оор жүк тарткан кайыгында эрксизден жылып келатты. Мына ушундай шартта кыялында чытырман токойго туш келди.

Турмуштагы тогуз жолдун тоому — ушунда турду. Алардын ар биринин али адам басып өтө элек куйткалары билинбей жатты. Ширин ушул тогуз жолдун бирин тандай алды. Ал болсо — апасынын ардактап өстүргөн мээнетин сактап, анын ишин улантуу. Апасынын көзү тирүүсүндө ушул таштаган жоолукту токтоо-

суз алып жөнөө, ошону менен апасын кубандыруу болду. Эгерде апасын кубандырса, анда элди да кубандыра алат. Анткени, апасы дайыма,— эл алдында уятка калбайлы деп, иштегени анын көз алдынан эч убакта кетпейт. Эл да Жумагүлдү ак ниет, иш дегенде эт-бетинен кеткен эмгекчил аял катарында жакшы билишчү.

Ширин апасы өткөн жолго чындап багыт алды. Ооба, апасы ал жолду чыйырдап баштагандыр. Ал кийин чоң жолго айлангандыр. Эгерде көп иштеп, ишинин өтөсүнө чыкса, ал ошол иште даңгыр жол кылганы. Ошол жолду улантуунун өзүндө да жаңы чыйыр салуу милдети турду. Ал Шириндин жолундагы ары жоопту, ары ардактуу милдет — эненин эстафетасын жеңиштүү улантуу.

Жол Ширин үчүн бирөө эле. Ал татаал болучу. Эки тизгин, бир чылбырды, ошол тандап алган татаал жолго бурду.

...Жайлоонун тулаң чөбү бардыгын жайында өзүнө тартты. Уйлар жыргап ыңгыранышат. Сүт желинди тээп тирсиет. Жыл сайын жайлоого конуп калышкан саанчылар бул күндү чыдамсыздык менен күтүшөт. Бир гана Шириндин көңүлү түпөйүл, кабагы салыңкы.

— Мен жайлоого кетсем апамдарды ким карайт.— Ушул анын санаасын санга бөлдү. Оюн эч кимге ачык айтпаганы менен бардыгы совхоздун жетекчилери үчүн белгилүү болчу.

— Сүттү, нанды алып келип берип турабыз. Эл ичиндесиңер, уйлар жайлоонун чөбүн оттоп келгиче коңшу-колондор менен эптеп оокат кылып туруңуздар.— Директор Жумагүлгө кеңешин салды.

— Менден кам санабагыла, рахмат силерге. Өзүбүз эле карап турабыз. Андан көрө Ширинди ишенимдүү биреөгө дайындасаңар.— Эне чиркин санаасы тынбайт, директордон өтүндү.

— Бул гүрт өзүнчө Туура-Кайыңдын түзүндө болот, өзүңүз билесиз, сонун жер, бардыгы тең баягылар эле. Ширинди бөпөлөп эле алышат. Ишене бериңиз. Эки күндүн биринде ошол жердемин, уйлар талаага түшмөйүнчө...

— Мейли, барып келсин,—Жумабүбү макул болду.

— Канча кылса да тыштын иши тыш. Баягы сепелек кыз эмессиң, боюңа таза болсоң. Аялдар болсо да кызга көз салгандар көп болот.— Апа көптү көргөн эмеспи, тээ түпкүрдө жаткан сөздүн учугун сууруп койду. Бул эненин биринчи жолу кызына чоңоюп калган кыз катарында айткан сөзү болчу. Ширин селт чочуду. Ушул чочуу менен бирдемеден шек алгансыды. Мындан эки жума мурда веттехник болуп иштеп жүргөн Самар сарайдан үйгө чейин бирге келгенин Жумагүл көрүп калган, бирок көрмөксөн болгон. Шириндин ачык мүнөзүн билген эне болгон сөздү кызынан күткөн. Кызынан бул жөнүндө сөз болбогондон кийин мына, биринчи жолу сөз учугу чыгып олтурат.

— Кымындай да чочубаңыз, апа.—Ширин өгүнкүсүн жашырып жарк этти. Апасына жакын келип, кадимкисиндей эркеледи.

— Апаке, мен жөнүндө бирдеңке уксаң жашырба, эгерде мен билген иш болсо мен жашырбайын.

— Кой берекем, антпечи. Мен жашырып эмне кылам. А керекчө өзүң жашырасың да. Атаңдын мүнөзүн тартсаң эч нерсе жашырбайсың.

— Апа, чын эле айтсаң, атам кандай эле?

— Атаңбы? Атаң ичине сыр катпаган ак пейил, иштерман киши болчу.

— Менин эмнем окшош атама?

— Бет түзүлүшүң. Кээ бир мүнөзүң.

Ширин абдан кубанды. Атасын эстеди. Анан кээ бир мүнөзүң — деген сөздү кайталап сурады.

— Ачык-айрым мүнөзүң,— деп, кайталады Жумагүл.

— Эмесе,— деди Ширин,— күзгө чейин чыдаңыз. Курбуларыңыздын сыноосунан өтүп көрөйүн.

— Барып кел, балам. Жолуң ачылсын.—Апа менен кыз көптө барып уйкуга киришти. Эртеси чакан таңылчакты көтөрүп Ширин арабага салды. Апанын жүрөгү билинер-билинбес болк этти. Ал биринчи жолу кызын сыртка жайлоого узатып жатат.

* * *

Жайлоонун күнү жаш баладай дейт тура. Эми эле чайттай ачык турган күндү кырдан бери ашып кыңайган казандай кара булут каптаса болобу, нөшөрлөп төгөт да айлананы бир чайкап өтөт. Кайра жадырап-жайнап теребел ого бетер кулпуна түшөт. Жайлоонун сырын аздыр-көптүр билип калган кишиге мындай көрүнүштөр өөн учурабайт. Ширин үчүн күтүлбөгөндөй болду.

Уйлар ыңгыранып капталдан араң эле ылдыйлашат. Алдыңкы келгендер имере тартышып саанчылар четинен саай баштады. Боркогун бекем байланып, Ширин да ак чаканы каруута кыстарып уюн күттү. Ал эми эле көйнөгүн кургактап кийген болчу. Дембелеп жааган жамгыр аны тажатып, азыр да айлана ылай. Анын үстүнө бир жумадан бери конуш көтөрбөгөндүктөн уйлардын турган жери чыласы чыгып калган. Жада калса сайма алачыктын ичи да ным тартып, эмелеки кийген көйнөк да аны жагымсыз ичиркенткен. Мына, ал экинчи уйду сааганга отурганда. Жамгыр дагы дыбыратып кирди. Кош түтүктөн сүт чакага куюлса, жамгырдын майда тамчыларынан куралган суу жылжып моюндан коюнга агат. Кээде ийиген сүткө алак-

сып билинбей калса, кээде ичиркенип жүдөйт. Ошентип арадан бир аз убакыт өтө саан да бүттү, күн да, ачылып кетти. Саанчылар сыгып алма суу болуп чыга келишти.

Шириндин жаагынан түгү чыгып жүдөй түшкөнүн бары эле билип калышты.

— Бакылдаган текени, суу кечкенде көрөрсүң, шакылдаган немени, үй көчкөндө көрөрсүң дегендей ,мына шакылдаган бышык кызыңарды эми көрүп алгыла. Мурдунун суусун тарта албай калды.— Сыяке Сайрага, Ракыяга мыскылдай карады.

— Сен мындай кезегиңде эмне кылганыңды билесиңби? Колтоюп энеңди ээрчип айылчылап жүрчүсүң. Кара муну, кыйын болуп калганын.—Сайра бакылдап коё берди. Сөздүн төркүнү эмнеде болуп жатканын Ширин байкап калды, үндөгөн жок. Өзүн жыгылыштуудай сезип, абдан уялды. Бети ысып чыкты. Аялдардын арасында ушундай сөзгө айланганына ызасы келди. Сөздүн уландысы сайма алачыкта кайта уланды. Кургактанып кийинишке башка көйнөктөрү да жок.

Ширин кайра алачыкка кирген жок, улага ченде сыңар тизелеп отурду. Ал азыр жанагы сөздүн дагы уланарын билбеди.

— Муну киши кылган энеси экенин көрдүңөрбү?

— А сени киши кылган ким?

— Мен өзүм эле.

— Сен көп эле көөдөнүңдү көтөрө бербе. «Мактанбагын байдын кызы» дегендей биз бар жерде жылкыңа карап эле ышкырсаң, кыйратып койгонсубай.— Сайра Сыякеге жабышты да калды. Ал да моюн бербейт, кезек күтпөй сөздү жаадырып жатты.

— Мактабай, кызыңарды үйүнө жиберсеңерчи, апасынын чайын жөндөп кайнатып берсин.— Сыяке газетанын айрыгына жоон орогон тамекисин күйгүзүп,

кенен сорду да, капшытты карай буркуратып үйлөдү. Ракыянын чындап ачуусу келди бейм, кезек күтпөстөн эле Сыякени беттеп кирди.

— Эмне чоюштайсың?—Саасаң уюңду жөндөп саап, папиросуңду тартпайсыңбы? Кенедей кызга эмне эле асыласың, анда сенин эмне тиешең бар, же сага тосколдук кылып жатабы. Кудайды карасаң боло. Жанатан бери ойду бир оттойсуң, тоону бир оттойсуң. Үйрөнөт, бүгүн болбосо эртең, эртең болбосо бүрсүгүнү. Уятың болсо жардам бербейсиңби. Жок дегенде теңеле турган кишиңе теңелсең боло. Балаң менен тең баланы сезгө алып...

Ширин жана ушул жөнүндө сөз болгондо эле туруп жөнөгөн, ал уйлардын артын айдап капталды карай бет алдырып жүрөт. Шириндин кетип калганын билген Сайра Ракыяны кубаттап бир жактан чыкты.

— Күйөөсү жок аялдын баары эле сага окшоп калса абийирибиз айрандай төгүлөт го.

— Мен эмне болуптурмун.

— Эмне болгонуңду өзүң билбейсиңби. Өзүңөн өзүң эле урунуп беринесиң жашка деле, карыга деле. Ал эми Осмон болсо сага теңелбейин,— деди.

— Осмондун өлүгүн көрөйүн, ошол да эркекпи.— Ал ого бетер үнүн бийик көтөрө салып тилдей баштады.

— Эмне, анын эркек экендигинен шегиң барбы?

— Анын эркек болгонунун, болбогонунун сага кандай зарылчылыгы бар.

— Оюна келгенин оттогон неме да.

— Жок. Эркектин зарын тарткан болуу керек.

— Айылда буга эмес, башкага эркек жок болуп жатса.

Сөз биринен сала экинчисине өтүп отуруп аягы күлкүгө айланды.

— Шашпагыла, эркектер да келет. Деминңерди ичиңерге сактагыла. Сайра жоон үнү менен карт-карт күлдү.

— Көк итти көп ит талагандай болдум, кызыңарга бирдеме айтам деп, деги мен койдум.— Сыяке жыгылыштуу болду.

— Ал кыздан айланса болот. Үй түйшүгүн, сырттын түйшүгүн чоң кишилер катары жалгыз көтөрүп жатат. Антпе Сыяке, көңүлүнө кетип калат, жаш эмеспи. Андан көрө колдон келген жардамыбызды аябайлык — деп, Сайра чындап кеңешин айтты.

Бир азга тынып калгансышты. Бал ташыган аарыга окшоп, алачыктан чубап чыга башташты. Тээ төмөндө эки араба кылдырап келет. Алардын бири болду-болбоду Осмон болуу керек. Жайлоого кеткенден бери сүт көбөйүп, бир араба жетишпей калгандыктан, кошумча араба сурап талаага кеткен. Ширин да уйларды өйдө айдап коюп, секи ылдый түшүп келатат. Ал да Осмондун келишин чыдамсыздык менен күткөн. Уйларды айдаган болуп, жалгыздап барып бугун чыгара ыйлап-ыйлап алган.

— Ушинтип аялдардын арасында сөзгө калгандан көрө талаадан иштегеним оң го. Апамды кантсем да багып алармын.— Ал ушул ойлорун Осмон келээри менен айтууну ылайык көргөн. Ошондуктан ылдый жакты көзү талыганча карайт. Эми арабаны көрүп сүйүнүп кетти. Алар көпүрөдөн өткүчө тоодон ылдый түшүп келди. Эми эле ыйлаган көздөн эч белги жок. Демитип тоодон ылдый түшкөндүктөн го, жүзү билинер-билинбес тамылжып көркүнө чыга түшүптүр.

— Бала эмеспи, эми эле үшүп, бетинен түгү чыгып, анын үстүнө жанагы кер оздун сөзүнө уугуп, маанайы пас боло түштү эле, карачы чуркап ойноп келатат — деп, Сайра дагы ыраазы болуп Ширинге карайт.

Бардыгы тышка чыгып, сүттү жөнөтүүгө кам көрүштү. Араба да жакындап калды.

Бирөө Кадыркул экенин жазбай таанышты. Экинчиси Осмон болбой чыкты. Аны жакындаганда гана веттехник Самар экенин билишти.

Тиги экөөнүн ичинде Осмондун жок экендигин билип Ширин кейиди. Ал болгондо Ширин оюн ортого салып, же арабалар менен кошо ылдый талаага түшмөк.

— Эми эмне кылам, качанга чейин күтөм?—деп туталанды.

— Самар турбайбы.— Саанчылар аны эми гана таанышты.

Ширин күтүлбөгөн жерден Самарды көрдү. Байкоосуздан жүрөгү түрс-түрс урду. Аны карай албады. Көзүнөн көзүн ала качып, будаланды. Азыркы пайда болгон сезимди жанындагылар билип коюшпасын деп сезденди. Ошол жердеги бардык көздөр аны тиктеп тургандай көрүндү. Ого бетер жүрөк кагуусу ылдамдап, аны жашыра албагандай алсызданат.

Бардыгы менен кол алышып учурашты Самар. Ал веттехник болгону менен дайыма койдо. Осмон баргандан кийин эптеп курaштырган экинчи арабаны айдап бара турган киши жок болду. Осмон өзү айдаган менен аны кайра ким алып келет. Ошондо Самар чыгып:

— Тоодон жаңы эле келдим. Зарыл эч иш жок, мен эле барып келейин,— деген.

— Кудай жалгасын айланайын.— Совхоздун директору Асан асмандан издегени жерден табылгандай сүйүндү. Ал бүгүн ушуну менен эки жолу сүйүндү. Биринчиси сүттүн көбөйгөнү, экинчиси арабакечтин табылганы.

Олдо бүгүнкү жолдун алыстыгы ай. Күн аркан бою көтөрүлгөндө чыгышты эле, мына түшкө жакындап

баратат, дале жолдо. Кадыркул Самардагы туюк сезимди кайдан билсин, алдыга түшүп алып же ылдамыраак айдабайт, же Самарды алдыга коё бербейт.

— Кадыке тездетсеңиз боло, сүт ирип кетет.

— Ирибейт. Күнүгө тартып жүргөн мен билемби же сен билесиңби?

— Ошентсе деле тезирээк айдасаңыз боло.— Самар катуу айта албайт, өзүнөн алыска кетпегендей күңк этти. Эгерде ыңгайлуу учур келе калса алдыга өтүп кетүүгө ниет кылды. Кадыркул калыбынан жазбады. Экөө кордонго жетти. Туура Кайыңга бурула берген жолдо шырылдап Туура Кайыңдын суусу агып жатат. Азыр тунук. Көк-Кашкага Күн жаап, суулар киргенде бул да алына жараша төө өркөчтөнөт. Бурулушта жолдун өйүз-бүйүзүндө картошка тигилген, андан ары бир аз жайык жер кетет, жол тоо таянат. Эмне болсо да алдыга чыгайын деп Самар Кадыркулду жандап өтүп алдыга өттү. Үргүлөп келаткан Кадыркул көзүн ачып-жумуп, кайра аттарды эркине койду. Самар саанчыларга тай чабым алдыда келди. Жайлоо жага баштаган го, чилмийген арык жүзүнө кызыл жүгүрүп, бети билинер-билинбес толоюн деп калыптыр.

— Силерге арабакеч болуп келдим, жеңелер. Кабыл аласыңарбы?— Тамашалай сүйлөдү Самар.

— Эч болбогондо арабакечтикке жарабай эмне болуптурсуң.

— Сыяке озунуп жооп кайтарды, Самар ого бетер кызара түштү. Ширин даана укту буларды. Уялып кетти. Барыдан Сыякенин сөзү Самарга катуу тийгендей сезилди.

— Олдо жеңе айя. Сенин таарынчың түгөнбөс болду. Самүдүн байкем келсе экен бат эле. Ошондо жаагың жап болбосо, ага чейин сайрай бересиң го.

— Кайниси эмессиңби. Эркелетип жатпайбы.— Сайра сөзү менен Сыякени чымчып өттү. Кадыркулдун келиши менен сөзгө жооп да айтылбай калды. Бардыгы аны урматташат. Ал бардыгынан улуу. Карыя адам. Жайдыр-кыштыр сүт тартканына көп жыл болду. Согуштан мурда эле ушул жумушта болчу. Азыр да ошондо.

— Кана. Азыр менин арабама жүктөгүлө. Ананкысын Самардыкына — деп, арабасын имере тартты.

Самар купуя сүйүндү. Ананкы саанга чейин убакыт бар. Бир ыгын таап Ширин менен сүйлөшүүгө куштар. Ширин өзүнчө тынчсызданды.— Бул экөө жолдон ушинтип сүйлөшүп алышкан го деген ойго келип астыртан Кадыркул карыяга карады. Эч белги жок.

«Же карыя билдирмексен болуп жатабы?»

Түпөйүл бойдон кала берди.

Аттарды чыгарып бастромкаларын шлияга илип, оздугун чыгарды. Экөөнү кошоктогон бойдон тигиндей жетелеп коё берди. Аттар адегенде бир орундан жылбай оттоду, анан чөп башылап секини көздөй бет алды.

— Тең-теңи менен, тезек кабы менен деген чын турбайбы. Карачы тиги экөөнү тим эле — деп, сөзүнүн аягын бүтпөй дале баягы Сыяке кобурайт. Самар менен Ширин уйлардын алдын кайрууга кырды ашып бараткан болчу. Кырдан ылдыйлай бергенде Ширин артка кылчайып токтой калды.

— Уят эмеспи, тигилер эмне дейт, ушундай эле туралычы.

Самар каршы болгон жок. Бир азга кырда турушту. Анан кыр менен жогору көтөрүлүп чокуга чыгышты. Бул айланада мындан башка бийик чоку жок. Райондун территориясы эмес, чыгышы Кемин, батышы Кант-

ка чейинки кең мейкин даана көрүнөт. Өзгөчө Самардын туулуп өскөн айылы туура бет маңдай тарапта— Токмокко жетпей берирээк, көчөлөрү чийилген сызыктай.

— Тетиги айылдын четиндеги чоң ак тамды көрдүңбү?

— Кайсы?

— Айылдан четтерээктеги.

— Көрдүм.

— Ошол мен туулган айылдын кампасы эле.

— Сен ошол айылдан белең?

— Ооба. Киндик кан тамган жер.

Ширин олдоксон суроо берип алдымбы деп чочулады. Бир азга тынчтык өкүм сүрдү. Тынчтыкты төмөндөн чыккан үн бузду.

— Болгула, уйларды кайыргыла. Саан болуп калды.

Экөө төмөн түшүп уйлардын алдын кайрыды. Экөө дөңдүн эки жагынан чыгышты. Уйлардын алды келип калган.

— Ширинтай! Сөз көп эле сүйлөшө турган.—Самар уяң жылмайды. Жооп уккан жок. Ширин уйларды четтеп басып, алачыктын жанындагы чаканы алып ичин суу менен чайкады. Колун жууп аарчыды. Анан уйларды көздөй басты. Ушул кыймылдын бардыгын Самар кылдат байкап, карап турду.

— Саан бүтсүн—деп, жылмайып койду Ширин. Оң жаккы бетинин отунан төмөнүрөөктө бир тоголок анар анын жылмаюусу менен кыймылга келип, ого бетер шайкештеле түштү. Самарга бул көрүнүш атайын жасалгансыды, жана өмүрүндө муну биринчи сезди. Өзү эле башта уялчаак жигиттин чийкил сары өңүн жылуу кан аралагансып кызарды.

— Саан бүткөндө мен сүттү тартып кетем, анан качан келем. Самар наристе мостойду.

— Арабакеч эмессиңби. Канча келсең ошончо келесиң да.

— А мени бир жолкуга жиберген.

— Анда шашылыш жок. Кийин деле.

— Кийин болгондо...

— Кызык...

Самар сөз улай албады. Арабага сүт куюлган флягалар жүктөлүп бүттү.

— Болуптур эми... башка жооп айта албай Самар арабага барып отурду, эки атты эрксиз айдап ылдый жөнөдү. Артын бир карoого ниеттенди эле, бардык эле көздөр шектенип аны карап тургансып сүрдөдү, уялды. Карай албады. Ичи бук болуп, жүрөгү дүпөйүл кетип баратты.

Жана, бая эртең мененки план Самар келип кеткенден кийин быт-чыт болуп бузулду. Ширин ошол ызасын эч кимге айтпаган, эгерде Самардын ордуна Осмондун өзү келсе, анда ай ким билет, ортого салынып калат беле. Эми болсо башкача.

Бороон деле такай боло бербейт тура. Жамгыр деле. Жаштык көңүлчү. Ал деле ошондой болсо керек, Ширин эртең мененки капасын унуткансып калды. Күн жаркырап тийип, саанчылар тигиндейрээк секиге конуш которуштура баштады. Жаңы кошун — көк шибер чөп жыттанып өзүнөн-өзү адамды сергитет.

— Аял десе арыбызга келебиз, Осмонду күтпөй эле өзүбүз көчө бергенде эмне. Арабызда жалгыз эркек жүрсө, жүктүн бардыгын ошого артып алганыбыз кудайга сыя турган иш эмеско.

— Шашпа, эми эле чыла болосуң, дагы конуш көтөрөбүз. Дагы чыла болот, дагы жогорулайбыз. Ошого чейин демиңди ичиңе сакта.

Ширин бул сөздөрдү укса да анча маани берген жок. Туура-Кайыңдын кокту толгон карагайларына жакындап келгендигине, улам жогорулап көчкөн сайын айлана улам көркүнө келип жыт аңкыган чөптөр, жаңыдан ачыла баштаган тоо гүлдөрү, карагайдын чайыр жыттары көңүлдү сергитет.

Жаңы конушка совхоздун директору Асан да демейдегиден көңүлдүү келди. Ал согуш башталгандан ушул күнгө чейин малчылар менен күндөп-түндөп жүрсө да бардык сыры ичинде. Кайгыруусу да, кубанычы да билинбей, көп учурларда оор күрсүнүп койчу.

— Чыдагыла, бул жалпы элге түшкөн мүшкүл— деп, коё турган. Жумушчуларга кайрымдуу келип, алардын муктаждыктарына сергек мамиле кылчу.

Ошондуктан ал оозунан бал тамыза сүйлөбөсө да өзүнүн мамилеси, иши менен авторитетке ээ. Бул жолу ал алыстан эле кобурап келди.

— Кандайсыңар, кыздар. Сүт көбөйө турганбы?

Бардыгы жабыла туруп тосуп алышты.

— Көбөйө баштады. Бирок айылдан алыстап баратабыз. Ташып жеткирүү кыйын болчудай.

— Бул жагын колго алып жатабыз. Болот го. Асан сөзүн бүтүп башкага бурду.

— Сүйүнчү. Аскерден Асан менен Болотбек келатыптыр. Токмокко келип түшүптүр. Самар эрте туруп араба менен станцияга кетти,—деп айтарга сөз таппачыдай энтиге сүйлөдү.

— Болсун агай, дагы кимдер бар экен.—Сайра утурлай сурады.

— Согуш басылбадыбы. Эми ок атылбайт. Согуштан аман калгандардын бардыгы келет.

Саанчылар суроо артынан суроо беришип директорду тегеректешти.

«Ок атылбайт, согуштан аман калгандар бардыгы келет»—деген сөздү Ширин өзүнчө дагы бир ирет кайталап жер карады. Анан оюна атасы кылт этти.

— Кантип эле ушунча кишинин ичинен атама ок жаңылды, ушул жаңылыш болуп жүрбөсүн, атам да келетко,—деген сан түркүн ойлор бир заматта көз алдына тартылды.

— Келсе батыраак келсе экен, оорду колдоп, жеңилди жерден алчулар мобуга окшогон секелек кыздарбы?—Сыяке шаңк этти. Асан үн чыккан жакка жалт бир карап алып, ачуусун бир аз жашырып, мындай деди:

— Бул майданда ар ким өз үлүшүн кошту. Сиз да, күн-түн иштедиңиз, ошонун өзү салым, ал эми Ширин болсо бу дагы жаштарга жакшы өрнөк көрсөттү. Согуш талаасында душманга каршы ок аткандардын арасында ушундай эле кыздар да бар. Биздин Ширин да колунан келишинче энесинин ордун басты. Жаман эмес, силерден калыша элек. Мен дайыма байкап жүрөм, көнүгүп кетти.—Асан көзүнүн кыры менен Ширинге карады. Ал кирпиги ымдалышып төмөн караган калыбында турган экен.

— Кана эмесе, ишиңерге киришкиле, азыр араба келет—деп, саанчыларды таратып Ширинди алып калды.

— Сени мен көп жерлерде мыкты да, турмушка өзүнчө чыйыр салган кыз деп мактап жүрсөм бул эмнең, алдагы кирпигиң эмне нымдалышкан? Кана, башыңды өйдө көтөрчү—деп, Ширинди ийнинен эркелете сылады. Ширин эркелеп кетти белем ого бетер көзүнүн жашын тыя албады.

— Жөн эле агай, өзү эле куюлуп жатат. Апамды эстеп... деп жок шылтоону айтты. Асан ишенген жок. Мунун себебин Сыякенин озолдугунан көрдү.

— Ошого да капа болобу, ал илгертен эле ошондой бекер ооз, сүйлөй берет.

Ширин жашырын сырын билдирип койгонсуп:

— Дайыма эле жамандаганы мен, элдин көзүнчө дале, жекече деле. Улуу киши экен, унчуга албайм, же өзү билбейт, ушинтип эле мени көрсө жийиркене берет!

— Аны менен өзүм сүйлөшөм, эгерде бул жерден тынч жүрө албаса башка бадага которуп коём. Өзүңө тың бол. Апаңа убада бергем, дайыма көз салып турам—деп. Эгерде чындан эле кыйналып баратсаң, айтып жүр жашырбай. Экинчи ыйлабай жүр. Өзүңдү жашмын деп жүрсөң керек, сага окшогон кыздар эр башкарып жүрбөйбү—деп, тамаша аралаштыра аны кайраттантты. Ширин унчуккан жок. Көңүл сергектене түшүп, саанды көздөй жөнөдү. Директор Осмонду чакырып алып, катуу тапшырды.

— Сыякеге айткын, жөндөп жүрсүн, эгерде болбосо чарасын өзүм көрөм. Ширинди күнү катындай көрөт. Анда эмне тиешеси бар. Эси жок. Жайлоодон кайткыча Самар силердин сааган сүттү ташыйт, кээде Ширинди ошол араба менен үйүнө жиберип тур. Апасын сагынгандыр, көрүп келип турсун.

— Өзү барам десе баякүндөн эле жибермекмин—деп, Осмон күңк этти. Сыяке Осмондун да жинине көп тийген, бирок ага теңелгиси келбейт.

Күйөөсү келгиче чыдап турайын деп чечкен, ошон үчүн ага унчукпайт. Сыяке болсо муну өзүнчө кабыл алды, оозуна келгенин оюндагыдай сүйлөп жүрө берди. Ошенткен сайын мурун бекер ооз сөзү Осмондун да, Шириндин да жанына батып баратты.

Кечки саанга аз калган. Сайра Ширинди ээрчитип алып токойдун этегин көздөй кетишкен кургак отун

издеп. Калган саанчылардан алачыкта эч ким жок, сыягы алар да бир жакка басышкан окшойт.

Самар аттарды чыгарып отко коё берди. Өзү секиге чыкты. Уйлар ошол секинин ары жак түшө беришинде экен. Андан ары балатыларды жээктеп эки аял келатты. Адегенде Самар аларды тааныган жок, чынында эле эки аял деп ойлогон. Алдынан тосо утурлай басты. Бирок Сайра да, Ширин да Самарды жазбай таанышты.

— Шикен, Самар менен соо эмессиң. Баягында да байкап калдым эле.—Сайра акырын үн катты.

— Соо эмессиң дегениңиз кандай эже?

— Соо эмессиң дегендин өзү ар кандай угулат. Мен сүйлөшүп жүрөсүңөр го деп эле жатам, айланайын калп болсо кечирим сурайм.

Ширин жактырган жок.

— Сүйлөшүп жүрөбүз, эже?

— Салам айттык, отун тергендерге.—Самар жакын келип калды.

— Отун олжо, гүл бакыт,—дейт элде. Мен отун тердим, Ширин гүл терди,—деп Сайра озунуп жооп берди.

— Олжоңорго ортоктош кылбайсыңарбы?

— Кыял-жоругуңар жарашса.

— Эмне кылсам жагам?

— Ойдогуну таба билсең.— Сайра Ширинди карап жылмайып койду.

— Коюңузчу эже.

— Издейин, табайын. Табылганча алдагы отуңузду бериңизчи, көтөрүп алайын—деп, Самар таңылган кургак отунду жеңил көтөрүп ийнине койду.

— Бир жолкусун таптың—деп, Сайра шайыр жылмайды.

— Эми канчасы калды?

— Толуп жатат.

— О кудай ай, кулакка шыбырай көр, жаза басып калбайын.

— Рахмат, айланайын, арыктыгың бул экен, келе бери өзүмө, ийниңди жоорутуп алып жалаaңа калбайын. Сен көтөрүп келатсаң Шириндин тынчы кетип келатат. Сайра таңылган отундун бир учунан кармап токтотту.

— Коюңузчу эже, көтөрө берсин.

— Тамаша кылам, Шикен, отунду өзүм эле көтөрөм, силер уйларды айдай баскыла, саан жакындап келатат — деп Сайра буйра сүйлөдү.

— Кайран эже, кээде ушундай жөн билгиңиз бар да. Жүрү Шикентай, тил албасак болбойт го—деди, Самар. Ширин бир азга кылчактады, анан—болуптур эми дегенсип, шуудурумгө бурулуп Самардын соңунан түштү.

Кантсе да баягыда айтылбай калган сөздүн уландысын күттү Ширин. Самар ал жөнүндө бир ооз сөз ачкан жок. Ал бүгүн Асан менен Болотбекке барганын түгөнбөс дастан кылып айтып баратты. Жүрөгүндө абдан сүйүнүү.—Эшалон-эшалон солдаттар үйлөрүнө кайтып келатышат дейт. Сыягы күндө той, күндө жаңылык болот окшойт—деп, сөзүн бүтүрдү. Ширин эч сөз кошумчалаган жок. Эмнегедир башка сөз да аралашса болмок, анын бардыгы ушул бүгүнкү кубаныч менен ширелешип кетсе керек.

Сайранын оюу башкада болду. Тигил экөө уйларды айдап үйдүн жанына келип калганда тигил кардон тараптан башка саанчылар да жакындаган. Сайра кээде оюн-чыны тамашасын аралаштырып жайдарылана кетчү.

— Алдагы бир жак бетиңди карачы, Ширин?

— Эмне болуптур, эже.
— Кызарып калыптыр.
— Коюңузчу, эч нерсе болгон эмес.
— Аныңды кайдан билейин. Барып бетиңди жууп кел.
— Эмнени айтып жатасыз, эже? Кудай-теңир урсун.
Самар эми түшүндү, өзүнүн кемчилигин. Өкүндү. Ширин Сайранын алдында чындап эле актанып жатты.
Осмон директорго берген убадасын аткарып Ширинди кечки араба менен үйүнө жиберди.
— Рахмат, аба.
Ал жеңил кийинип, ийнине жука пальтосун илип, арабага отурду. Араба ылдый баштанып жөнөй бергенде Сайра беркилерден бөлүнүп,
— Кош. Аман барып аман кел—деди, Самарга карап.
— Ширинди сага, сени кудайга тапшырдым—деп, үнүн акырын чыгарып коштошту. Самардын ушул жолу арабакеч экендиги Ширинге эми гана эсине келди. Сайранын жанагы тамашасына азыркы коштошкону тушма-туш келип, селт чочуду. Алдыда да бир чоң коркунуч күтүп тургансып жүрөгү алеп-желеп болду. Арабадан ыргып түшкүсү келди.
Бирок эмне шылтоо табат. Мунун өзү аны туюкка алып барып такады. Кете берсе эмне болот? Чын эле жолдо эмне деген коркунуч бар? Самардан аны күтпөйт. Ал болсо да сырын билет. Жол кечки күүгүм менен улана берди.

## УБАДА

Ырдыбан арабанын алды жагына бир тактай коюлган. Ал ким болсо ошол болсун, араба айдаган кишинин орду. Эгерде бирин-серин бирөөлөр жолдон жолу-

гуп салып алса аны Осмон көңүлү келсе жанына олтургузат, болбосо сүт куюлган же бош фляагалардын бирине отургузуп кете берет. Самар араба айдагандан бери жанына киши олтургузуп көрө элек. Эгерде Осмондон алган таасири болсо, бүгүнкү кечте Ширинди ошондой экөөнүн бирине отургузары бышык. Самардагы жооштуктан муну толук күтүүгө болот. Ширин жол башталарда эле пальтосун бир фляганын үстүнө коюп жеңил олтурган. Осмон аларды бир топко узата карап, унчукпай тиричилигине кирген.

— Жигит болсоң шок бол, болбосоң тим эле кой, деп кобурап барлыкты Самардын уятына койгон. Ошон үчүн—жок дегенде жаныңа отургузуп алсаң боло деп айткан жок.

Конуштан чыкканда жол бир топ ылдыйлайт, анан түзгө түшөт. Бир жагы карагайлуу жылгалар, бир жагы карагайы болбогону менен жашыл ыраң жамынып дегеле жарашыктуу. Жол жээгинде карагайлуу жылгалардан жылжып аккан шылдыр булак үн салат. Араба түзгө түшкөндө гана бул суунун агымы бирде угулса, бирде арабанын дабышы менен сиңишип кетет. Буга чейин сүйлөшүү да ыңгайсыз, кулагы катуу кишиге сүйлөгөнсүп кыйкырып сүйлөшөт. Ширин жанатан берки Самардын унчукпагандыгын ушул жолдун өйдө-ылдыйынан деп ойлоду. Араба кардоного чейин жакшы жолдо баратты. Дале Самар үн катпады. Ширин бир калыпта отурган бойдон Самардан сөз күттү. Андай болбоду. Анан ал апасын ойлоп кетти.

«Ушул учурда апам эмне кылып жатты экен, уктап жатты бекен же тиричилик менен жүрөбү. Менин минтип Самар менен ээн, узак жолдо бараткнымды билбестир. Эгер билсе эмне дейт,—бул эмне кылганың, жарым түндө жалгыз жүрүп, башыңа эмне иш түштү дейт го»,—деп ойлоду. Селт этип чоочуду. Кула-

гына кандайдыр жагымдуу үн угулат. Тыңшады. Жок, бул алыстан эмес, так жанынан чыгып жатыптыр. Ошол калыбында ырга көңүл бурду.

Үн анча катуу чыкпады. Бирок сөзү даана угулуп, оң тараптагы жылгадан соккон сыдырым жел менен Ширинди каптал андан ары көпкө узап кетип жаткансыды. Алды жактан үлбүр-үлбүр жарыкты Ширин биринчи көрдү.

— Жарык эмненики.

— Кайсы?

— Тээтиги, бирде көрүнсө, бирде жок боло түшөт.

Самар ырын токтотуп тигиле карайт жарык чыккан тарапка.

— Билбейм ким экенин. Чоңдордун биридир.— Самар көңүлсүз күңк этти. Ширин көңүлү салкындай түштү. «Ушундан көрө унчукпай эле ырын угуп келе берсем эмне»—деп, өзүн жемеледи. Эми ыр да, сөз да жоголду. Жарык жакындай берди. Экөөнүн тең көңүлү ошондо. Бир аз убакыт өтө жарык дагы жакындан көрүндү.

— Үнү чоң машинаныкы—деди, Самар өзүнчө. Ширин түн ичинде бул жакка минтип машина келгенин көргөн эмес. Аңгыча жакындап сигналы удаа-удаа угулду. Самар арабаны жолдун чети менен айдап бараткан, өтүбүрөөк барып токтоду.

— Самарсыңбы?—Асан машинанын кабинасынан түшүп келатып үн салды.

— Ооба, ооба,

— Арабадагы ким?

Самар арабада флягада жалгыз отуруп келаткан Ширинге эми гана көңүл бурду.

— Ширин.

— Ал кайда баратат?

— Апамды көрүп келем деп.

— Барсын, барсын. Асан арабага жакындап келди.—Сагындыңбы, кызым — деп Ширинге карады.

— Жөн эле агай, жайлоого келгенден бери бара элекмин.

— Андай болсо эрте чыкпайсыңбы?

— Кечки саанды бүтүп эле...

— Эртең мененки саандан кийин чыксаң болмок. Болуптур эми жөнөй бергиле.

Ал өтүп баратып кайра кылчак артын карап:

— Ай жигит, уятың барбы, алдагы кызды жаныңа отургузуп алсаң боло. Орун дале бар экен—деп ороң этти. Дагы бир-эки кадам шилтеп, сүт тарткан машинаны токтотпой түнү менен жөнөткүлө, Султандын гүртүнөн да бир араба сүт баратат деп ал жөнөй берди. Убакыт түн болуп калгандыктан Самардын бетинин канчалык кызарганы белгисиз, айтор жарылган дарбыздай эле болуп калды го деп ойлоду Ширин. Бир жагынан аяп да кетти.

Жаратылыш ага ачыктыкты бербесе аны кайдан алат эле. Же мурдатан сырдашпасак—деп, купуя кыялданды.

— Кечирип коюңуз, караманча эсиме келбептир. Самар жыгылыштуу кайрылды.

— Рахмат түзгө түшсөк жөө деле кетип калам.

— Коркпойсуңбу?

— Эмнеден?

— Карышкырдан.

— Карышкыр мени карап туруптурбу?

— Кыздарга өч болот.

— Өч болсо жанымда жигит баратпайбы.

— Жигитиң бүгүн мааниси бош. Ушу менен эки жолу алдырдым.

— Алдырганың эмне?

— Жаде калса Осмон да бир каптап өттү. Деги

мен бүгүн өзүмдүн эмне болуп жатканымды билбейм. Оозума сөз да келбейт.

— Сөз келбегени менен ыр келип жатат го.

— Аны жаттап алгам өгүнү курска барганда. Экөө атты эркинче коё беришип бир топко сөз чубатышты. Тээк-Ташка келгенде Самар оңдонуп отуруп аттарын ылдамдатты. Ошол кыядан өтсө кең мейкин талаа жатат. Айыл да дүпүйүп алыстан көрүнөт, күңүрт караңгылыктын кучагында жаткансыйт. Карагулдун оозунда экинчи ферма, андан ылдый бир тай чабым жерде биринчи ферма. Экөө тең жылгадан түшө бериштен орун алгандыктан күн да, ай да кечигип тиет. Алардын четтеп өткөн жолго айдын нуру жакындап калыптыр, ошол жолго түшүштү. Түп-түз совхоздун борборуна келет.

— Эгерде жаныма келип отурбасаң, анда мейли сүт ирип кетсе да тура берем. Келчи эми. Ансыз деле мага жетишет, бүгүнкү уккан тилим.

Самар башын бир жагына шылкыйтып жалооруй сурады.

— Жетишкен жетишпегенине менин кандай ишим бар.

— Сөзсүз сен себепкерсиң.

— Каяктан жүрүп мен. А көрөкчө сүт тарталбай жатканыңды жашырбай эле койсоңчу.

— Дагы айтам, себепкер сенсиң.

Самар арабаны токтотту. Ордунан ыргып туруп бир фляганы таянып өйдө турмакчы болуп обдулду. Ширин чочуп кетти.

— Эмнеге туруп келатасың. Тарт колуңду. Апама эмне деп айтам. Жөн дейм!!!

— Коркпо, мен карышкыр эмесмин, Тигилерден уялганыман...— Ансыз деле үнү акырын чыккан Самар шалдая түштү.

— Ширин, отурчу эми, жарым түндө жарым жолдо ажылдашпайлычы. Дагы бирөө чыга калып бирдеме деп жибербесин.

— Болчу эми, таш боор болосуңбу дейм — деп, айтып жиберди.

— Болсо болоормун, бирок сенчелик болбосмун.

— Менин таш боор экенимди кантип билдиң.

— Жана эле билгем.

— Качан?

— Тыяктан чыкканда эле.

Самар шапалагын иретсиз ийреңдетип ойлоно калды. Анан:

— Өлүп кетейин түшүнсөм, айтчы, кайсыны айтып жатасың.

Ширин жанатан бери айтылып жаткан сөздүн бардыгы тең эле чын деп кабыл алган. Ал туура болчу. Ал жөн гана Самарды өзүнүн жасаган бул кемчилиги менен сынамак болгон. Мына ошону эми айтмакчы болду.

— Жолдун жарымын жүрдүк. Ошого чейин артыңа бир кылчайып карабадың. Кел деп жаныңдан бош орунга чакырмак турсун, келатабы, жокпу, тооткон да жоксуң.

— Аның туура. Айтып берейинби, мунун бир себеби болду.

— Эмне себеп?

— Эмесе угуп тур.

— Үйгө качан барабыз? Сенин себебиңди угам деп таңды талаадан тосомбу?

— Эмесе отур. Үйгө жеткиче далай сөз айтылат. Ширин флягаларды таянып, арабанын кыры менен басып алды жакка өттү. Самар бир колунан элпек кармап жанына отургузду.

— Болуптур эми. Айтчы. Арабаны токтотпо. Самар божуну акырын каккылап аттарды илкитти.

— Шикентай, кечирип койчу. Ушул ысымыңды ушинтип биринчи жолу айтып жатам. Жүрөгүмдө кайрат жокпу — деп, кээде өзүмдү өзүм жемелейм, болбосо мындан аркы айта турган сөздү сага эчак эле айтмакчы болгом. Элден ийменип канча жүрдүм. Же эркинче сүйлөшүшкө шарт болбоду. Ишенесиңби, ушул убакка чейин бир кыз менен сүйлөшүп, бирге баса элек жанмын.

Самар Ширинге дитиндеги айкын сырын ортого салгысы келди.

— Биз эле эмне, күнүгө жигиттер менен бирге жүрүптүрбүзбү?

Ширин булк этип койду. Самардын дагы жүрөгү зырп этти. «Дагы эмнени айтып алдым» деп, өзүн ичинен жемеледи.

— Сөздү эмнеден баштасам — деп, отуруп жолдун жартысын өткөрдүм. Айтайын деген сөзүмдү дале баштай албай жатам, мына үйгө жакындап келатабыз. Бир азга сабыр эте турчу. Айтып берейин — деп, Ширинге имериле карады. Ширин бырс күлүп жиберди. Самарга ушул эле керек болуп тургансып кайраттана түштү бейм, көңүлү жайдарылана сөзүн баштады.

— Далай эле учур болду, сени менен жакшылап сүйлөшүп оюбузду ортого салууга. Бирок бирде кайратым каржалтса, бирде сөзүм жетпей жүрүп ушул убакка келдим. Аз гана жолу сөз учугун чыгарган болдум, ошондо да элдин баары эле бизди уяткара карап тургандай уялам,— Самар оор улутунуп алды,— же өзүң билбейсиң.

— Эми уялбай эле айта берчи, көп болсо тигинде тоо кырынан ай шыкаалап карап тургандыр.

Самар айды карап, андан көзүн ала качты. Ширин муну билди.

— Шикентай, карачы мобу эки атты, жүктү тең тартып бaратат. Эгерде бирин чыгарып коёлучу, андан араба эмне болор экен. Эмесе биз да ошондойбуз азыр, ар кимибиз өзүбүзчө турмуш түйшүгүн тартып жатабыз. Көрүп, билип эле жүрөбүз, кимибизге кандай кыйынчылыктар туш келип жатканын. Сен ойлобо, наабайчы өлүп жатса, койнунан наны көрүнөт — деп. Ушундай турмуштун да өзүнө тете сүйүүсү болот тура. Эгерде кыял-жоругубуз бири-бирибизге ылайык келсе, туура түшүнүшсөк бир үйдөн түтүн булатышып, келечек турмушубузду бириктирсек деген оюм бар. Ойлонуп көр, Шикентай, эгерде туура келбей калса андаа... деги өзүң эле билчи. Менин жүрөгүмдү көптөн бери өйүп, айтам деп айта албай жүргөн сырым ушул. Тилдесең, койсоң өзүң бил, башка айтарым да жок. Самар үнсүз дулдуюп отурган калыбынан жазган жок. Кээде гана жооп күткөнсүп башын өйдө көтөрөт, оор үшкүрөт. «Он эки уктаса түшүнө кирбеген немени айтып олдоксондук кылып койдумбу» —деп, да ойлойт. Ширин да үнсүз. Арабакечке арналып коюлган кичинекей тактайда экөө гана келатышат. Сөз жок, үн жок. Арадан анча деле убакыт өткөн жок, бар болгону экинчи ферманын тушунда келатышат. Самар дагы бир жолу кайраттанды. Жанакыга караганда көнө түштүбү, эми өзүн токтоо сезип Ширинге ишенимтүү карайт.

— Өзүң айткан ай күбө болсун, Шикентай, бир жооп айтчы...

Самар оң колун коомай көтөрүп, Ширинди имере тартты.

— Шашылба, ойлонушалы.

Ширин башка жооп айтпады. Бирок Самардын баамында кабагы жарык. Ийнинде имере тартылган колду

ошол калыбында коюп, билинер-билинбес ык алыша отурду.

— Сөз билбейм дейсиң, тим эле...

— Билгеним ушул болсо кантем, эптеп жүрөгүмдөгүнү жеткирейин — дедим. Эгерде мындай таш боордугуңду койбосоң, акын болуп кетемби — деп, да шектенем. Самар тамашаны алыстан баштады.

— Көрөбүз акын болгонуңду, андан көрө сүтүңдү жөндөп тарт.

— Рахмат, мен бул акылыңды кайдыгер эле бирөөнүн айткан акылы эмес, өзүмө жакын кишинин айткан акылы деп түшүнөм. Туурабы? Же бул мага тиешеси жокпу?

Бир азга тынчтык өкүм сүрдү. Араба көк бедени жээктеп баратты. Көк бедениин жытынанбы же башкабы, айтор эки ат удаа бышкырынды.

— Туурабы Ширин, бир ооз сөзүңдү аяйсыңбы, аттар да түшүндүбү,— деп турам, өзүлөрүнчө жарыша үн салышты. Самар мурдагыдан кынала түшүп Ширинди өзүнө кыса кучактады. Чын эле Ширин үшүп баратканбы, Самардын колтугунан жагымдуу жылуулукту сезди.

— Туура. Сага тишелүү.

— Эмесе санаа тынч, көңүл жайында.— Самар божуну удаа-удаа каккылап аттарды тездетти. Биринчи фермадан өтүп, алманы жээктеп келатышты.

— Азыр кайда баралы? Сүттү өткөрөлүбү же сени жеткирип коёюнбу?

— Сүттү жеткирүү керек, машина бизди көпкө күттү окшойт. Сен сырыңды айткыча эле ушул болду. Ширин билинээр-билинбес сөзү менен чымчып койду.

— Алда Ширин ай, мындан көрө колуң менен чымчысаң боло, деп арабаны мехпаркка бурду. Паркта

кароолчу менен гана жалгыз шофёр бар экен, кароолчу шофёрго чепкенин жаап коюп өзү дарбаза жакта жүрөт. Арабаны көрөрү менен аксаңдай басып, шофёрду ойготту. Ал көзүн ушалап басып келди.

— Мен канча күтөм силерди, а силер болсо минтип жолдо өзүңөрчө сайран куруп жүрөсүңөр, алдагың ким.

Антон орусча-кыргызча аралаштыра коё берди.

— Антон, ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө. Биз жолдо ойноп жүргөн жокпуз. Жол алыс. Татаал.

— Ойноп жүрбөсөң алдагың эмне жүрөт түн катып.

— Оозуңа карап сүйлө.

— Карабаса эмне кыласың. Кыз деген да ушинтип жүрөбү?

— Ой, деги кандай немесиң, үйүнө келатат. Сооп үчүн да арабага салып албайсыңбы?

— Сооп издеген киши сендей болбойт.

— Анан сендей болобу?!

— Бирөөнөн сооп таап, экинчи бирөөнүн сообуна карабайт экенсиң да.

— Кимдин сообуна карабаптырмын.

Самар ачуусу бетине чыгып,—бул шофёр кимдир бирөөдөн шек санап жаткан турбайбы деп ого бетер кыйкырды.

— Мен сага киши эмес бекемин, билесиңби качандан бери күтүп жатам.— Шофёр бирде Ширинди карап, бирде Самарды карап сөгүндү.

— Сен шофёр эмессиң, болбосо Туура-Кайыңдан ушуга чейин эң keminde 18 километр, жаман араба болсо, жол болсо тигил, ойлонбойсуңбу. Анан да биз жолдо ойноп жүргөн имишпиз сага.

Шофёр ишенбей уруша берди моторду от алдыра албай. Самардын жанына батып кетти окшойт, арабадан

ыргып түштү, Ширин да ыргып түшүп, Самарды кармай калды.

— Койчу. Теңелбечи. Сүттү өткөр, кетели.

Самардын ачуусу тарабады. Шофёрго түз басып барды.

— Эй айбан, бери карачы?! Эмне деп жатасың?

— Кулак экөө ооз бирөө. Уктуңбу?

Самар жакадан кабыштыра кармап аны өзүнө жулкуй тартты.

— Акмак, ишенсең мен өпкөн да жокмун, өбө да элекмин, түшүнүктүүбү?!

Ширин бетин басып флягага жөлөндү.

— Түшүндүм, түшүндүм. Убал болуптур бир өбө элек болсоң, келе кокуй, сүтүңдү, батыраак кетейин.

Шофёр шашып машинасынын жарыгын жандырды. Кайра-кайра кечирим сурады.

— Мен уйкулуу көзүм менен эмне деп айтканымды билбейм, кечир. Калган катканы болсо эми дале кеч эмес — деп, сөзүнүн аягын тамашага кайрып кетти.

Самар да Ширин да бирдей уялды. Сөз экөөнө тиешелүү эле. Сүттү флягалары менен өткөрүп берип арабаны өйдө бурду. Эми Ширинди жеткирүү керек. Экөө ээндеп парктан узай берди. Бирин-бири карай албады. Жанагы шофёр туюкта жаткан бир иштин учугун чыгарып койгондой болду буларга. Бир азга узай бергенде Самар ачуусунун уландысын улады.

— Мунун тилинин куйкумдуусун кара.

— Ачууңду ичиңе сактачы, аныкы туура.—Ширин шофёрду кубаттай сүйлөдү.

— Ошонуку туурабы?!

— Туура.

Экөө бир азга үнсүз отуруп келатышты. Араба бурулушка жеткенде Самар Ширинге тике карады.

— Шикен, чын эле жанагыныкы туура экен.

— Көзүң жеттиби эми?

— Жетти.

— Эмесе ошол. Ага эмне ачууңду келтирдиң.

— Мен жаңылдым. Ал ушуну күткөн турбайбы— деп, арабаны токтотпой туруп Ширинди кыса кучактады.

— Уялчагың ушубу. Бул эмне кылганың. Апама эмне деп барам. Апам көптөн бери көрө элек, сагынды го, ал да өөп жыттайт, сен минтип... Ширин каршылык көрсөтпөдү. Самар өпмөкчү болду. Жаратылышындагы уялчактык дагы аны токтотту.

— Шикентай, бир жарк этип койчу, туйлаган жүрөк басылсын, Шикентай, ошентсең. Ошентсең эми, сөзүн дембе-дем сүйлөп, жүзүн-жүзүнө жакындатты.

Ширин селт этти.— Ошентсең дегениң эмнең.

— Жарк этип койсоң дегеним. Аясаң эми.

Самар ого бетер жакындады. Ширин башын өйдө көтөрүп жылмайды. Бирдеме деп сүйлөмөкчү болгон. Ошол жылмаюуну чыдамсыздык менен күткөн, Самар кучагынан чыгарбай туруп эки беттен эки өптү, дагы аймалап, анын жүзүнөн өзүнө чексиз ыракатты тапкансып аймалады.

— Болду эми, нысап да керек эмеспи.— Ширин назик унчукту. Самар кучагынан бошотуп катарына оңдоп отургузду.

— Жылмайып койсо кылганың ушу, адамды аяйт деген болобу силерде.— Сени аябаганда кимди аяйм, Шикентай.

— Аяганың ушубу, апама эмне деп барам. Апама мен Ширин жыттанбай эле Самар жыттанып калбадымбы.

— Самар жыттанган жаманбы.

Самар көңүлдүү карт-карт күлдү. Чын эле Ширин

ушуга ишенип калдыбы, жоолугунун учу менен жүзүн сүртүп, шаштысы кетти. Эчак токтоп калыптыр. Самар чөнтөгүнөн чети тордолгон жүз аарчысын сууруп чыгып берди.

— Ме, жумшагыраак. Ушуну менен аарчы.

Ширин алып сүртүндү. Жүз аарчы мурдуна туш келгенде эркектин тери бур дей түштү. Бир ирет кере дем алып, кайра селт этти.

— Артык кылам деп кайра, бул эмне кылганым, бүткүл жүзүмдү сенин жытың менен жууп алыптырмын.

— Эч нерсе эмес, сиңишип кетебиз.— Самар көңүл улады.

— Албетте, силерге эч нерсе эмес, а бизге... деп, Ширин сөзүнүн аягын бүтүрбөй жашыды.

— Койчу, Шикентай, бардыгы жайында дагы бир жолу бооруна кысты.

Ширин араба үйдүн жанына келгенде түшүп калды, Самар түз эле бедеге кетти. Самардын мурдуна көк беденин жыты эмелки Шириндин жыты менен аралаш жыттангансыйт. Аттарды отко коё берип, арабада көк асманды жамынып, көптөн кийин барып уйкуга кетти. Таттуу уйку. Ачык асман, көйкөлгөн беде, тынчыган санаа, жаштык ыракаты — булардын бардыгы ушул түндө, ушул учурда мейкин талаада, табактай айдын күңүрт нуру алдында, өтүп жатты.

Шириндин келиши менен эне чиркин түркүн ойго кетти. Жарым түндө чынында бул күтүлбөгөндөй болду.

Кантсин, төшөк сала кетти Жумагүл.

— Убара болбо, апа, өзүм эле деп бир төшөктү алдына салып, өзүнө ылайыктады.

— Кеч чыктым, апа, кечки саандан кийин. Туура-Кайыңдын төрүндөбүз.

— Эртең менен эле чыксаңар болмок экен мынчалык убара болбой—деп, Жумабүбү күйпөлөктөдү. «Чыксаңар болмок экен» деп ал көз алдына бир нече аялдарды элестетти. Ширин аны жаземдебей билди. Унчуккан жок.

— Жатагой, берекем, эс ал деп жамынган одеалдын үстүнө кемселин жеңил таштап койду. Ширин эми эле болгон окуяны жүзүмөн билип койбосун деп жаткыча шашты. Көпкө буйдалып уктай албады. Өзүнүн тынчы кетип жатканын билдирбеске аракет кылып, сулк жатты.

«Эми уктады го» деп эне жаткан төшөгүнөн акырын туруп Ширинге басып келди. Терезеден түшкөн ай шооласына бүдөмүк көрүнгөн кызынын жүзүнөн жыттады. Жаш эмеспи, бети ага ысып тургансып сезилди. «Бул жаштыктын илеби эмеспи» деп ойлоп койду Жумагүл. Анан кобурап, «Жүдөбөптүр берекем, көнүп келаткан тура»—деп, санаасы тынчый төшөгүнө барып кыңайды.

Ширин апасынын ар бир кыймылын билип жатты. Ал келип жүзүнөн жыттаганда Шириндин жүрөгү кабынан чыгып кетчүдөй какты. Демин ичине алып, бардык күчү менен чыдады. Ал энесинен ачуулуу, чаңырган үндү күттү.

— Жогол, уяты жок, бул эмне кылганың, баягы сенин балалык жытың кана, сен аны каяктагы тер баскан эркектин жытына алмашып келген турбайсыңбы. Мен сени ошент деп тоого жибердим беле. Сен кыз эмес эле эркек болуп калган турбайсыңбы.

Ширин кыялында жооп берүүгө даяр турду.

— «Андай эмес, апа. Мен андай албардылардан эмесмин сүйгөн жигитим менен гана сүйлөштүм убадалаштым бар болгону ушу. Сенин алдыңда, сүйгөн жигитимдин алдында кардай тазамын».

Энеси ушул жоопту угуп, анан төшөгүнө бараткандай сезилди.

— Ошондой эле бол, айланайын, мен сага эч убакта жамандык каалабасымды билесиңго, көз алдымдагы жалгыз чырагым сен болсоң сага жер жүзүндөгү бардык жакшы нерселерди гана ыраа көрбөйүмбү, каралдым. Уктай гой, берекем, укта.

Жумагүл күндөгүдөн көп эрте турду. Эртелеп казан асып кызына тамак беленледи. Уйкусу бузулуп калбасын деп эшикке да акырын чыгып, каалганы акырын жаап, тышта жүрөт.

Бош флягаларды калдыратып Самар туура терезенин тушуна келгенде, эне кызын аяп кетти.

— Арабаңды алыска эле токтотсоң боло, балам.

— Эмне болду, апа.

— Ширин уктап жатты эле. Флягаларың менен шалдыратып...

— Мен дале кеч жаткам, апа, бедеде. Уйкум умачтай ачылыптыр.

— Сен, эмнеге кеч жаттың эле.

— Түндө Ширин экөөбүз бирге келгенбиз. Анан...

— Я, эмне дейт?— Эненин колундагы кыпчууру түшүп кетти.

— Чочубаңыз, апа. Жол алыс эмеспи.

— Таң аткычабы. Кайда?

— Жолдо, апа.

— Ал жинди болгонбу?

— Жок, апа, жөн эле...

Самар оңтойсузданды. Эненин жүрөгү эмне деп согуп жаткандыгын туура түшүндү. Бирок туура жооп таап айтып, эненин көңүлүн тынчытууга кудурети жетпеди.

— Апа, кечирип коюңуз, кайра тоого кетмек элек.

— Ботом, ал сени узатып жүрөбү. Эмне болгон.

— Ачууланбасаңыз, апа, мен сүт тарткаңга жардадашып жаңы эле баргам. Осмон агай Ширинге уруксат берип жатыптыр, кечки саандан чыккандан кийин чыктык, келгиче ушул болду. Анан бүгүн кайра кел дептир.

Жумагүл Самарды мурда көп эле көргөн, бирок сөзүн уккан эмес, жаман аттысы чыкпаган, сөзү орундуу, ары чын пейилден айтылып жатканына көңүлү агара түштү. Өзү кичине ыңтайсызданып,— анда отура тур айланайын, тамак даярдай койдум эле, Ширинди ойготом, тамактанып алып анан жөнөгүле,—деп жазакерлене кыймылын ылдамдатты.

Сырттагы кобураган үндөн Ширин көзүн ачса, күн аркан бою көтөрүлүп калыптыр, чачын орой сылап тышка чыкты. Көзүнө Самар көрүндү. Жыйрыла калып, кайра түз басып жатты.

— Апа, кете берийинби, же бир-эки күн калайынбы, кир-сириңди жууп кетейин. Ал ушуну Самардан ийменип араң айтты. Анын көз алдында түндө үйгө жакындап калгандагы убада жып-жылуу бойдон турду. Ошону билгизбестин аракетинде ушул сөздү апасына узатты.

— Балам, бүгүн келгиле десе анда бара бер. Биз кудая шүгүр эле жашап жатабыз. Бизден кам санаба. А көрөкчө...— деп сөзүнүн аягы угулбай калды. Самоордун түтүгүнө кийирилген керней шарак этип түшүп кетти. Апасынын көзүнчө Самарга да сыпайкерчилик көрсөтүп,— үйгө киргиле, деп айта албады. Жумагүл эмелеки ачуусун билдирбей —Кирегой балам, мына даяр болуп калды—деп, шашылды.

— Киргиле үйгө.— Ширин да апасын коштоду. Самар шапалагын эшиктин кырына арта сала коюп үйгө кирди.

Жаңы бышырылган нан, бышкан сүттүн үстү дас-

торкондо экөөнүн келишин гана күтүп турду. Ширин самоорду көтөрмөкчү болду эле, Самар кылчайып карап,— мен көтөрүп коёюнчу деп бурулду. Чоң самоор экен, чын эле муну Шириндин же Жумагүлдүн көтөрүшү оңой эмес.

— Тим эле кой, өзүм эле. Ширин колундагы кийизди оңдоно кармады.— Эмне болмок эле. Самар түз эле келип самоорду шак көтөрүп, кадамын оор таштап үйгө кирди. Майда көк түтүн анын жүзүн каптады. Ал кадимки көк арчанын жытын ыракаттана жыттагансып, көзүн чала жумуп, башын өйдө көтөрдү. Жумагүл үйдөн чыгып келатып Самарды көрдү. Турпаты менен көзүнө сүрөткө тартылгандай болду. Ал муну эч качан ойлогон да эмес. Эми гана санаасы санга бөлүндү. Бардыкты ичине сактады. Ыгы келсе муну кызынан сөзсүз сурайт.

— Ие, балам. Эмне болуп кетти. Апа чочуп кетти.

— Самар укмаксан болуп, колун жан-жагына жанып-жанып аарчыды да, дасторкондун четине отурду.

— Жогору өт, балам.

— Ушул жер эле болот.

— Жок, балам, өт жогору. Самар бир копшолуп өйдөөрөк жылды. Баары бир төргө өткөн жок. Ширин чай куюп, үчөө дасторкондун тегерегинде. Апа билгизбей тигил экөөнүн кабак-кашын байкагысы келет. Эч нерсе таппайт. Кызына абдан ишенет, ал албарды жүрбөйт, бирок түндө жолдо экөөнүн жалгыз келиши апаны ойго салып койду.

— Жакшы жүргүлө, айланайындар, элге-журтка кеп болбой.

— Жайлоого көнүп кеттим, апа. Буюрса эми бир жарым айда талаага түшөбүз. Ширин нандан чоң сугунуп алып сүйлөп жатты. Бул да апага башкача таасир кылды.

— Чын эле жумушчулук мүнөз пайда болуп калган экен, тамактан батыра ичип, баскан-турганы да берекелүү тырсылдап. Апага бүгүн Ширин ушундай көрүндү. Чайда Самар сөзгө аралашкан жок. Самоор көтөрүп киргизгени болбосо уяң жигит көрүндү апага.

— Эмесе кеттик, апа. Ширин чыныларын жайып бүтүп апасынын бет маңдайына жакын барды.

— Барагой эми. Апа дагы бирдеме сүйлөмөк болду. Самарды караса ал арабасына жакындап калыптыр.

— Кызым, түн ичинде жалгыз-жарым жүрбөчү. Сени кыз дейт. Ансыз дале жүрөк оорум барын билесиң, мени капа кылбачы. Бирок, сага ишенем эмне айтсаң. Башка айтарым жок. Ал кызын дагы бир жолу өптү. Көзүнөн жаш кылгырды. Ширин да апасын аяды. Анын эмнеден улам шектенип жатканын да баамдады.

— Апа, баягыда айтпадым беле. Мен ошол сөзүмдөн эч кайтпаймын. Убайым жебесең, апаке. Бир жарым айдан кийин келебиз. Ширин апасын мойнунан кучактап эркелеп, өзүнүн тазалыгын билдиргиси келди. Дагы бир жолу кош айтышып арабага келип отурду. Самар ушуну эле күтүп отургансып сол жагын бошотуп коюптур, Ширин отурары менен апага бир кайрылып, башын ийип коштошту да жолго чыгышты. Эки ат кошкон араба, ырдыбанда Самар менен Шириндин баштары гана көрүнөт бош флягалардын далдаасынан, Жумабүбү тигилердин караанын даана көрүп турду. Бат эле кырды ашып аркы өйүзгө өткөндө апанын ичи уйгу-туйгу түшүп, көз алдына не бир керемет иштер элестелип кетти. Анан өзүнө өзү кайрат берди.

— Буудайдын барар жери тегирмен, кыз дале ошо да, а көрөк сүйгөнү менен бактылуу болсун. Апа ошен-

тин баягы күндө кайталанчу тиричилик менен аралашып кетти.

— Сен кызыксың. Эмнеге самоорду менден талашып көтөрдүң.

Бетимен отум чыгып уялып кеттим.

— Анын эмнеси уят. Баары бир...

— Эмнеге баары бир.

Самар жылмайып унчукпады. Ширин дагы кыстады.

— Эмнеге баары бир.

— Күйөө болом, күйөөнүн аты менен күл ташы деген бар эмеспи.

— Олда. Муну кара. Эмитен тон быча баштаганын.

— Жалган айттымбы.

— Ойлогонундай болоруна көзүң жетеби?

— Жетет.

— Көрөбүз.

— Эмнени?

— Учурунда.

— Айныбаңыз, карындаш. Убада-убада. Асманда ай турат. Ак жол, көк асман. Кала берсе Антон. Ушулардын бардыгы менин күбөм. Билдиңби. Эми кутула албайсың. Иштин илгээри деп, бүгүнтөн баштап, кызматымды өтөй баштадым. Эртеңден баштап күл менен чыгам. Андан аркысын өзүң билесиң. Самар карт-карт күлүп, аттарды бир топ жерге таскак менен айдады. Ширин да күлдү. Бош флягалар тигилердин күлкүсүн коштогонсуп иретсиз шалдырады.

Кардондон өтүп Туура-Кайыңдын ичи менен ылоолоп кетип баратышат. Күн чак түш. Жолдун өйүз-бүйүзү тизеден келген сары тегерек гүлдүү чөп. Ызылдап бал аарыларынын учуп конгону, көпөлөк, башка жандыктардын зыңкылдап учушу эмнегедир алыстан угулган симфония.

— Кана, Шикентай, биз күнүгө эле минтип жүрө бербейбиз. Бир сөзгө келеличи...

— Кандай сөзгө.

Ширин сөздүн төркүнүнө көзү жетип турса да сурап койду.

— Түндүн өзүнчө касиети бар экен. Бардыгын түндө айтып алдым. Ага кошумча убадалашалычы. Качан! Качан!

— Шашпа, талаага түшөлү. Анан...

— Анан... Анан эмне?

— Ананкысын ошондо айтам.

— Ага чейинчи?

— Ага чейин кам санаба.

— Кам санаба.

— Ооба.

— Болуптур, Шикентай, ага да макулмун. Самар кайраттанды, эки жагына карады. Жакын арада эч кимдин караанын көрүнбөдү.

— Келчи эми, мобу асмандагы күн, айланадагы жандыктар күбө болсун—деп, Ширинди кучактап опмөкчү болду.

— Тетиги кишини көрдүңбү, уят эмеспи.

— Ал Үтрөш, бизди карамак турсун, коюна ээ боло албай жүргөндүр, бир этегин үзө басып, бир этегин жаза басып—деп, Самар ага көңүл бурган жок. Имере тартып бир өптү. Ширин каршы болгон жок, түндө үйдөгү тарткан түйшүгүн айтып берди Самарга.

— Кыраакы киши. Биздин ар бир көз карашыбыздан эле баамдап билет, деги апаңа жагар бекемин — деп толуктап койду Самар.

— Кам санабай эле кой. Мага жакканың — апама жакканың. Апам мага ишенет, деп Ширин ишенимдүү сүйлөп, Самарга жөлөнүп назданды.

## АЯЗДУУ ТАҢДАР

Күздүн өкүмү эрте бошоду. Күзгү биринчи жамгырдын аягы кар менен аяктады. Болгондо да жашаң чөптөр жалп этип бир жолку карга турушчтук бере албады. Уй байкуштуку кыйын эле да, не бир ширелүү чөптер көбүктүн алдында калганын билбейт. Жаратылыш ага койчолук да сезимди буюрбаптыр. Болбосо, ача туяк болсо да, койдукунан үч эсе чоң туягы менен карды бир-эки шилтесе курсагын кампайта турган жемин таап алаар эле.

Бүгүн бардыгы тең эле кайкая тартып турушат. Чөп, жем кимдин оюна келиптир, эртең менен турушса эле айлана аппак. Кар тушардан.

— Көчпөсөк болбойт.

Осмон бардык саанчыларды чакырып алып буйрук бере сүйлөдү. Сүт тарткан эки арабага жүктөрдү салып жөнөттү. Өзү жалгыз уйларды айдап, өзөн ылдый бет алды. Ар ким бул күндү ар кандай кабыл алды. Ширин ичинен сүйүндү. Ал болжогон күндөн беш күн мурда баратат. Апасы да күн жаанчыл боло баштаган сайын санаасы санга бөлүнө баштаган. Өзгөчө кийинки күндөрү оюна ар нерселер келет. Самар койлорду дарылоого кеткен. Ал да кеч күздү чыдамсыздык менен күтүп жүрөт. Кар жааган түнү ал Четиндиде болчу. Экөөнүн ортосу бир топ алыс. Биринде кой жайласа, биринде уй.

Кар жаагандын эртеси да күн ачылбады. Саанчылар ага карабады, уйларды айдашып келе беришти. Кар сампарлап жаап жатканы менен астынан эрип, өтүктөр эчак суу болгон. Мындай суунун далайын баштан өткөргөн саанчылар буга муюп да койгон жок.

Күн эки күндөн кийин ачылды. Самар чабдарды токунуп, куйругун чарт түйдү.

— Силер отунду жарып, кубкени даярдап тургула. Мен уйчуларга барып келейин,— деп жөнөп калды. Четиндинин белин ашкан да эле Туура-Кайыңга түшөт. Белге чыкканда карагайдын этегиндеги мал даана көрүнчү. Бүгүн бир да караан көрүнбөйт. Карагайдын ичине кирип кеткенби»,—деп ойлоду. Атын алчыланта бастырып жетип келди. Журт ээн. Из да жок. Улам жааган кар тигилердин кеткен изин эчак жашырып коюптур. Ишти таштап, талаага кетип калууга болбойт, койлордун калганын батыраак дарылап бүтүрүш керек болду. Бул сырды ичине купия сактап келип эле чабандарды чакырып алып, койлорду дарылоону үч-төрт күндө бүтүрүү керектигин айтып ишендирди. Өзү да чечинип салып киришти. Эч ким мунун минтип шашылып жатканынын тегине түшүнгөн жок.

Сарайга уйлар кеч курун келишти. Кечке саалбаган уйлар сарайга келгенде туш келди мөөрөшүп, тынчтыкты алышкан. Саанчылар белчеден суу болуп чарчашты. Уйларды саамайынча болбойт. Көбү көңүлдөрү келбеди. Мал да болсо адамдан көзү өтүп мөөрөп турса кимдин чыдап жатып ала турган жөнү бар. Бул биринчи жолку эмес.

— Болгула, айланайындар, саап жибергиле, убал. Анан барып эс алгыла Осмон уйларды жайгаштырып жүрдү, жалгыз.

— Кайран киши. Кайраты темирдей эле бар. Сайра чындап эле Осмонго боору ачыды.

— Жардамчысы жок, дайыма жалгыз. Анан дагы күйөөсү жок катындардын ичинде. Дагы уялбай урушуп коёбуз.

Сайранын бул сөзү ушул жолу Ширинге катуу тийди. Себеби, ал он катындын бири болуп эсептелинди.

— Ургаачынын иши кыйын экен го. Жалпы жонунан баарын эле катын деп коёт турбайбы,— деп ойлоп

отурду Ширин. Сайра Ширинди көрө, оозун жыйып алды. Бирок, сөз айтылып кетти.

— Мага капа болбо, Ширин. Чынында эле ошол. Бүгүн болбосоң эртең, эртең болбосо бүрсүгүнү дегендей, акыры ошосуң. Биз деле шуру, бермет тагынып, чачыбызды салаалап жаагыбызга өрүп жүргөн мезгил болгон. Мына, эркектин жары, баланын энеси болуп отурабыз. Сен да биздей болосуң.

Баарыдан Ширинге «катын болосуң» дегени катуу тийди. Саан бүтүп, жолдо карай «катын болосуңду» ичинен кайталап, көз алдына Самар келет.

— Ушунун эмнеси жакшы. Бирөөгө катын болуп, башка эмне түштү. Жөн жүрсө турмуш өтпөй калабы. Өтөт. Анан эмне? Бул суроосуна жооп таба албайт.— Балалуу болосуң дейт. Мына кызык! Түйүн ушунда го. Мен да бирөөнүн жалгыз баласымын да. Туура экен. Тай туйлап такка чыкмак беле, күйөөгө чыкпай койсом, ал карап калмак беле, башка бирөөгө үйлөнөт да. А мен жүрө берем. Жүрө берем. Анан эмне болот. Ушул бойдон эле жаш болуп жүрө бермек белем. Ал менин эркимдеби. Ар кимдин эркинде болсо өмүр карыйбы деги. «Бөлүнгөндү бөрү жейт» дейт. Мен деле ошолордун соңунан... деп кайра өзүн-өзү жубатты.

Чырактын күңүрт жарыгынанбы же чындап эле кыйналганбы, бая күнкүгө караганда Ширин жүдөө көрүндү апага.

— Ие, балам, бир жериң ооруп жүрөбү, бая күнкүдөн жүдөп калыптырсың. Же иш оорлодубу?—Анан ал өзүнчө кобурап,— түбүң түшкөн турмуш ай, ушулардын башына мынчалык эмне иш түштү деп кейиди.

— Апаке, кечке уй менен жүрдүк. Жол кар. Караңызчы, белчеден суу болдук.—Ширин сүйлөп да жатты, чечинип да жатты. Сыгып алма болгон кийимди көрүп, апанын зээни дагы кейиди. Болбосо «уй менен жүрдүк»

деген сөздү кармап калган. «Деги сенин «жүрдүк» деген сөзүң качан калат» деп айтып, кызын жемеге алмакчы болгон. Кызы чоңойгон сайын апасынын ичи тардыгы көбөйүп бараткапын Ширин баамдаган. Ошондуктан апасы менен оюн чынынан минтип сүйлөшөт.

— Мен чоңойгон сайын көп кайтарчы болдуң, апа.

— Сен чоңойгон жоксуң. Мага баягыдай элесиң.

— Чоңойдум, апа. Бир күнү күйөөгө качып кетсем кантесиң.

— Ок, эмне дейт?

— Күйөөгө.

— О күйөөң менен күмүрөн кал.

— Апа, тамаша кылам. Күйөөгө кете турган болсом, айтып эле кетем.

Өгүнкү бир жолку болгон ушул аңгемени Ширин азыр да эстеди. Бирок апасынын көңүлүн ооруткусу келбеди.

— Апа, бардыгыбыз келдик. Келээрибиз менен саап да жибердик, Осмон абам бардыгыбызды үйлөрүбүзгө жиберип өзү жалгыз калды.

— Ага тамак берген ким бар?

— Билбедим.

— Анда эмесе тамагыңды ичип, жатып эс ал, мен Осмонго тамак берип келейин, сообу тиет. Эртеден бери тамак ичпесе куруду го байкуш.

— Мейлиңиз, апа.

Ширин каршы болгон жок. Апа кесмеден жылуулап, куюп, жүгөрүнүн унунан жасалган калың токочтон бирди ороп, күчүнүн жетишинче ылдам басты. Катырып койгонсуп түптүз. Отуруп-турушу, өйдө-ылдый кыймылы начар болгону менен жаны тынбайт. Мына эми, карда сарайга — Осмонго боору ооруп баратат. Апасы бир беттеп алганын оңой менен берчү эмес,

ошондуктан аны азыр токтотом деп асылуунун зарылчылыгы жок.

Сарай ичи көзгө сайса көрүнгүс. Эртеден кечке жол жүргөн уйлардын ыңгыранып дем алганы гана угулат.

— Осмон, ие Осмон! Кайдасың, бери чык.— Жумагүл колун алга сунуп, эки катардагы уйлардын ортосу менен келатты. Тээ ылдыйдан үлбүл-үлбүл асма чырак жылтылдайт. Ошону багыт тутуп баратат. Биринчи жааган кар болсо да, кыш кадимкисиндей чыкыроон. Сарайдын бир да терезеси бүтүн эмес. Эшиги андан бетер. Асма чырактын жарыгынан араң эле көрүнөт, бурчта үйүлгөн кашек.

— Осмон барсыңбы? Бери чык!

Жооп жок. Уйлардын бышылдаганы менен үндөшүп, бурчтагы кашектен билинээр-билинбес коңурук угулат.

— Олдо байкуш ай, түйшүктүн бардыгы өзүңө түштү го деп Жумабүбү жакындап барды.

— Тур, Осмон, эмне болгонсуң.

— Осмон чочуп ыргып турду.— Эртеден бери уйлар менен жүрүп,—деп мукактана түштү.

— Чыда, байкушум. Саргара тартсаң, кызарта бөртөсүң. Аскерден балдар келе баштабадыбы. Кел, мына бу ысык тамакты ич, Ширин да бутун тарта албай келди.

— Тамагы менен да курусун, бир тутам чөп жеткирилбептир. Эртең менен эмненин сүтү болот эми. Ал тамактанып жатып кейиди.

Директор эки арабаны алып өзү кетти, башка групптарга да кишилер бөлүнүптүр. Өздөрү шашып калышса керек. Канетсин бечералар, жайды жайлата тыным албай эле чабындыда жүрүштү окшоду. Жумагүл жайлата айылда болбодубу, көргөн-билгендерин кобурап отурду.

— Кой, эми жеңе, дагы суукка урунуп алып балаа болбосун. Саанчыларга да убал болду. Бардыгын жибердим, мен эртең эс алармын деп. А көрөкчө Шириңди эрте тургуз, Ал чарчаганын билдирмексен болду.

— Айтмакчы Шириниң кандай, иштеп кете турганбы,— Жумагүл жүрүп баратып суроолуу кайрылды.

— Эмнесин айтасың, ордуңду жоктотпойт.

— Ошондой эле болсун берекем,— Жумагүл өзү шектенип жүргөн бир суроону сурамакчы болду, бирок батына албады, ал суроосуна өзү бүдөмүк эле.

— Болуптур эми, балдарга жакшылап караптырсың. Алар да сени жер каратпас,— деп бошогон идишин алып Жумагүл жолуна түштү. Шириндин Самар менен жайлоодо бир нече жолу сүйлөшкөнүн көргөн Осмон бардыгын ичине сактады.

— Ким билет булардын эмне деп сүйлөшкөнүн,— деп ичинен купуя жооп берип тим болчу. Кээде,—экөө баш кошушса дурус эле болор эле,—деп да коёт.

Жумагүлдү узатып, Осмон көпкө чейин күңүрт күйгөн чыракты тиктеп, аны менен сырдашкандай болду.

— Жолдо карай оттоп жарыган жок, чөп да жеткирилбептир. Ушунда кантип сүт болсун. Кайран эмгек, капталдан каарыган кара суукка каржалбай иштегенге жараша сүт көп болсо эмне,— деп ойлонгон Осмон көптөн кийин уктады.

Таң агара сарайдын эшигинин алдына келип калган эки арабанын качыраган үнүн угуп Осмон ары шашыла турду, ары сүйүндү.

— Осмон, уят кайда?— деп сарайдын ичи менен директор Асан да келатты.

— Киши кошуп берейин десе көжөлүп болбойсуң, ушунча малды ээн таштап уктап калганың кандай?

— Уктаган жокмун, тим эле кыйшайдым эле. Келген ууру келе койсун.

— Эмне, баарынан кечтиңби?

— Кечсем ушинтет белем. Келип көрсүнчү.

— Ошондой десең.— Асан жайдарыланды. Анан сөзүн улады.— Быйыл чөп жетишет, сүттү көбөйткүлө. Ишенич чоң.

— Менин ишеничим кичине эле.

— Эмнеге?

— Чөбүң көп болгону менен бул жерде болбосо, аны «карап койсо карын ток, көрүп койсо көңүл ток» деп жүрө берсе сүт көбөйбөйт.

— Жеткирип турабыз дайыма. Үзгүлтүксүз.

— Антип убара болбой эле жайында ушул жерге үйүп койсоңор эмне, баары жайында болот эле?

— Ээ, Осмон, ага унаа кана, азыр өйдө тарса өгүз өлөт, ылдый тартса араба сынат болуп жатпайбызбы. Ойдо көп эле иштер жатат.

Эшиктен кургаган тоо чөбүнүн жыты уруп, уйларга жетти белем, эмнегедир дабыштар жанданып, улагага жакын байланган уйлар мөөрөп да жиберишти. Аңгыча биринен сала бири болуп саанчылар да келе баштташты.

— Карындаштар,— Асан саанчыларды чогултуп алды.— Силер абдан кыйын шартта иштеп жатасыздар. Кыш түшүп келди. Материал жок, сарайыңар ремонттолбой калды. Аракет кылып жатабыз, кеч болсо да эң кур дегенде терезеңерди бүтөй алабызбы деген үмүт бар. Чөп дайыма болот, жем нормага жетпейт, жетпесе да беребиз. Жакшылап карасаңар, калган иштерди ар киминердин уятыңар билсин, менимче силер мындан туура тыянак чыгарасыңар, анткени мындан да татаал учурда оор сыноодон өткөнсүңөр,— деп сөзүн бүтүрдү директор.

Эч ким суроо берген да жок. Сакал-муруту өсүп жүдөө тарткан директоруна алар боору ачып карашты. Директор кетээри менен жаңы эле түшүрүлгөн чөптөн кере кучактап көтөрүшүп уйлардын акырын көздөй жөнөштү. Ушуну эле күтүп турушкансып уйлар да шабыратып кириշти. Ширин чөптү салып коюп бир азга карап турду. Тим эле аймап жатат.

— Шикентай, эмне карап калдың?— Осмон байкап калды.

— Укмуштай жеп жатышат, аба.

— Жебегенде анан, жайлоонун көйкөлгөн чөбүнүн ордун толтуруу керек да.

Ошол күнү саалган сүт мурдагы күнкү саалган сүттүн жарымына араң жетти. Бул жаңылык эмес, дайыма эле ушул болучу.

Таң аппак атты. Болгон сүттү бир эле араба менен алып кетти. Кыш улам илгерилеген сайын каары катуу болуп жандан өтөт. Дүкүрөйүп суукту жону менен тосуп, уйлар да ийип бербейт. Майда, кыска дирилдеп чыккан сүт кур чаканын дабышын жарыша чыгарат. Ан сайын кол какшайт. Бир уйду саап бүтүп, Ширин колун оозуна алып жылуу дем менен үйлөп-үйлөп алды. Чыдабай кетти. Экинчи уйга келип жанашты. Тирүү жан эмеспи, эмчек адегенде муздак сезилгени менен жылуу. Эки-үч уйду саагандан кийин билинбей кетти. Жанагы колу какшаганды эч кимге билдирген жок, сырын ичине катып, ишин уланта берди. Чака калың түптөнө баштаганда көңүлү да жайлана, желинди эргий-эргий созот. Бир аз убакытка сүт да шарылдап чакага агат. Бул дагы кайталана берет... Бүгүн бир нече жолу... Бүтүндөй кышы менен, дагы кайталанат. Айлар, жылдар... чексизге бараткан жол. Мунун бийиктиги кайсы? Жылдар алдыда, чектер алдыда. Жеңиш да алдыда. Ойго келбеген жеңиш. Бардыгы тең

элс тек гана адам мойнундагы милдетти аткарып жүргөн сыяктуу Бул да ардактуу, бул да сыймыктуу. Кептин бардыгы милдетти аткарууда турат. Мындан сыймыктуу иш барбы. Учурунда буга маани берилбегени менен уютку ушунда.

Ширин эмгек жолуна үлбүр-үлбүл көрүнгөн бирде чеке тердеткен, бирде өзүнүн каары менен колду гана эмес, бүткүл денени титиреткен татаал жол менен чыкты. Сапар башатында алдындагы кыйынчылыктарды жеңүү гана анын көз алдына тартылды. Турмуштагы экинчи башат анын эсине да келбеди. Бардык убада бузулду...

## УБАДАНЫН УЛАНДЫСЫ

Самар койлорду кыштоого түшүрүү менен көпкө алек болду. Дарылап бүткөндөн кийин да он беш күнчө тоодо жүрдү. Туура-Кайыңдан Ширинди жолуктура албагандан кийин ого бетер ойго батып, аны иш гана алагды кылды. Ал бүгүн түш оой бергенде Ой-Табылгыдан чыгып, атты улам ыкчамдата бастырып отуруп, кaш карайганда талаага түшкөн. Талаанын суугу да ызылдап күчүндө, кулак-мурунду тызылдатты. Самар аны тооткон жок. Түскө түшкөндө аттын оозун бир коё берип зымырады. Самар сууктун күчүндө экенин эки көзүнөн жаш куюлганда гана билди. Аттын тумшугу, Самардын жакасы сейрек бубактанды. Ал сарайга келгенде суук кадыресе каарданып, бубак калыңданып калган.

— Тынччылыкпы деги? Мал-жан аманбы?— Ат кайтарган Өмүркул каршы алды.

— Аман-эсен. Ала жайдан бери талаага түшө элекмин, бүгүн араң кол бошоду.

— Убал болуптур анда. Түш. Атыңды мындай кой. Суусун. Анан отко өзүм коём. Үйүңө бара бер.

— Рахмат, Өмүкө.— Самар башка сөз кайтарбады. Өмүркул ойлуу калды.— Кайсы үйгө барат. Кимдин үйүнө барат. Атаңдын көрү ай-я, андан көрө өзүбүздүн гана үйгө бар дебей,— деп өкүндү. Самардын карааны көрүнбөй калган. Кыйкыра да албады. Самардын кимдикине кеткени ал үчүн белгисиз болду. Бирок оюнан кетпеди.

Самар карды жиреп, огородду жээктеп, түз эле Шириндердин үйүнө келди. Сырткы гана бөлмө жарык. Эч кандай шек билинбейт. Көпкө ойлонуп отурган жок. Түз эле келип, эшикти тартты. Эшик илинүү.

— Бул ким, Ширинсиңби?

— Жок. Самармын.

— Я. Эмне болду жети түндө.— Жумабүбү эшикти шашылыш ачты.

— Эч нерсе эмес, апа, тоодон кеч чыгып,— деп сөзүн бүтүрбөдү.

— Келегой, айланайын, отко жылын. Үй жылуу. Быйылкы кыш кыйын го — деп Жумабүбү чырактын билигин чоңойто чыгарып, тамак белендеди.

— Тим эле кой, апа. Убара болбоңуз. Курсак ток эле...

— Кой, балам, ошол да болчу беле. Мына, даяр,— деп айран катыктаган арпа жарманы кайра жылытты.

— Ширин кайда, апа?

— Ишинде жүрөт, келе турган маалы да болуп калды.

— Мен ошол жакка барайынчы.

— Мейлиң — Жумабүбү муну айтып алып бир аз чочуду. Анан кайра,— барбасаң деле болот, келет эми. Келегой,—деп алдына дасторкон жайды. Самар чөп башылап ооз тийди, камчысын, сыртынан кийген плащ-

ты дубалдагы мыкка илип,— барып келейинчи апа деп жөнөй берди. Самардын минтип өз үйүндөгүдөй жүрүшү апанын жүрөгүн билгизбей жылытты.

— Илберенки жигит,— деп ойлоду ичинен апа. Анан ой артынан ой келип башы катты. Кызы бая эле келмек. Жок. Анын үстүнө Самардын ошол жакка кетиши апанын жүрөгүн ого бетер опколжутту. Бирок тээ түпкүрдө жаткан жылуу сезим жанып өткөнсүп селдей түшөт.

...Флягаларга жакындап келгенде Ширин узун бойлуу адамдын караанын көрдү. Анын ким экендигин билбеди. Ошол эле учурда өйдөкү катардан Расия келатты.

— Саламатыңарбы. Саанга береке.—Самар жакындап басты.

— Саламатчылык. Айтканың келсин. Жол болсун, жигит.— Расия сөздү чууртту.

— Тоодон. Анчейин эле.

— Ай, кудай билет.— Расия шаңк этип Ширинди карады. Күңүрт караңгылык анын жүзүндөгү уялууну жашырды.

Саан бүтүп калыптыр. Ширин акыркы чакасын куйду. Анын кыймылында билинээр-билинбес шашылгандык билинип турду.

— Ушул кийинки бир ай жылга тете болду. Таңдын атпаганы ай, ал эми күндүн батпаганын айтпай эле кой.— Экөө сарайдан узай бергенде Самар күнөөлүү унчукту.

— Эмнеге?

— Аны сурабай эле койчу, Шикентай. Убада боюнча Октябрь майрамын бирге майрамдамак элек, иштен кол бошобой келгеним ушу болду.

— Актанбай эле кой түштөн кийин.

— Эмне кылсаң колуңдамын.

— Баарынабы?

— Ии.

— Болуптур, анда. Ширин бир азга сөзүн токтотуп кайра баштады.

— Убаданын уландысын жазгы майрамга калтырабыз.— Ширин сөзүн уланта бермек. Самар бөлүп жиберди.

— Болбойт. Антип айта көрбө, Шикентай. А турмак силердикине барып жарым-жартылай кийимдеримди да коюп, анан мында келдим.

Ширин чочуп кетти:

— Эмне дедиң? Эмнеге бардың?

— Кудай конок болуп дале барат тура. Бардым. Отко жылындым... Оокаттандым. Эч нерсе айткан жокмун. Эң сонун кабыл алды.

Экөө бир топко үнсүз басышты.

— Аячы. Убадага бел байлап иш кылдым эле. Сөзүбүз экөөбүздүкү тең жерде калбас дегем. Дагы тынчтык. Бир заматта Шириндин санаасы алда кайда кетти.

— Убада-убада. Баш коштук... Эмне деген турмуш болуп кетет... Анан кышкы чыкыроон бетти тызылдатып ийди.

— Кыйнадың го.— Шириндин үнү буулуга чыкты.

— Андай эмес, Шикен. Эртеби-кечпи боло турган иш экен да.

Ошентип экөө үйгө жакын келип калды.

— Эми эмне дейм апама. Ал түн күзөтүп уктабай отургандыр.

— Мен бүгүн көрүнбөй эле коёюн, өзүң жайын айтып түшүндүрсөң. Анан...

Шириндин буга жүрөгү даабайт: «— Апам тигинтип жарым жан, жарты сан болуп жатса, мен күйөө десем эмне деген жорук болот» деп ойлоп кетти Ши-

рин. Акыры көндү, ага апасынын, өгүнкү «— атаң ачык-айрым киши болгон, сенде атаңдын мүнөзү бар» деген сөзү эсине келди.

— Болуптур эми. Бардыгын мойнума алайын. Сен каякка барып жатасың.

— Кабатыр болбо. Өмүркулдукуна барам. Экөө дагы бир жолу кош айтышып ажыраштьт. Самарды жолдун бурулушуна чейин карап турду. Айтканга баш ийип, суукта Өмүркулдукуна баратканына боору ачыды.

Апа бүгүн күндөгүдөн эрте турду. Кызынын бой тартып калганына чындап эле көзү жетип, бирде кубанса, бирде көзүнө жаш алат. Ширин саанга кеткенден баштап конок камын көрө баштады. Ошол күнү кечинде эки бөлмө үй меймандарга толду. Совхоздун жетекчилери, теңтуштар, коңшу айылдан кудалар бул күнкү кечки кубанычтын күбөлөрү болушту. Самардын кечээ кечиндеги илип койгон камчысы, плащы ордунда жок. Алар бурчта тартылган кийим парданын ары жагына илиниптир. Ал жерге Самар бүгүн башка кийимдерин да илди.

* * *

Түндө булардыкына келбей калган саанчылар бар эле. Эртең менен саанга Ширин мурдагысындай эле эрте келди. Бардыгы тең эле аны карап тургансышат.

— Көшөгөң көгөрсүн. Сүйгөнүң менен тең кары,— деген сөздөр бир нече жолу кайталанды. Ал рахмат дегенсип унчукпай жер карайт.

— Баягы эле ишиң. Сен бизге баягы эле өзүбүздүн Шириннсиң. Уялбай иштей бер. Турмуш деген ушул. Сайра карп-күрп бакылдады. Башкалары да кубаттады.

Ширин адеп ишке келгендегидей эмес, бат эле көнүшүп кетти. Иштин процесси баягы эле. Уйларга чөп чачмай, эки-үч күндө бир-эки кочуштан жем, туш-тарабы ачык сарай. Күндүн суугу болсо бул. Сүт да өйдө-ылдый. Башкалары үчүн мындай көрүнүш адаттагыдай болуп сезилсе да Шириндин жүрөгүн бир маселе аябай өйүдү. Ал болсо сүттүн аз саалынып алынышы. Муну Ширин кожолук уйлардан саалып алган сүт менен салыштырып баамдаган. Өзүнүн оюндагысын айтуу үчүн ал ыңгайлуу учурду күттү.

— Мурда жем кайда эле. Мал эмес, адамга дан жетпей жатпады беле. Эми аз да болсо жем бериле баштады. Демек, сүткө сүт кошулушу керек эмеспи. Ай ушунун бардыгы жаткан жайдын сууктугунан го,— деп болжолдоду Ширин

— Кантип эле суук өпкөдөн өтүп турса сүт көбөйсүн. Ушул эки себепти эртеби, кечпи, мезгили жеткенде айтмакчы болду. Бирок азыр эмес. Эгерде азыр айтса эл оозунда эмне жок,— атакөрү ай, күйөөгө тие албай эле араң турган экен, кара мунун тыңдыгын,—деп башкасы болбосо да Расиядан күткөн Ширин сабырдуулукту сактап күтүп жүрдү.

## ТООДОГУ МАЕКТЕШҮҮ

Көп болду мал четинен Осмондон башка эч ким көрүнбөйт. Директор Асан көп келет, аңгемелешет, сүттү көбөйтсөңөр деп көп талап кылат. Ушул жолку тоого көчүү жакшы уюшулгандай болду. Баргандан бери зоотехник, веттехник дегендер да көп болчу болду.

Бир жолку аңгемени зоотехник өткөрүп, сүттү көбөйтүүнүн жолдорун айтты. Ширин өзүнчө ойлоп койду: буга чейин бул каякта жүргөн,— деп.

«Тоюттун рациону» дегенди Ширин биринчи укту. Абдан таңданды. Бир катары чыгып, сунуштарын айтып жатышты. Сөз кезеги Ширинге келди.

— Рацион-прационуңу билбейм, андагылар болгуча көп кеп бар. А көрөкчө колдо бары менен тоютандырып, уйлардын курсагын кампыйтпасак, сүт болбойт. Өзүмдүк уйлар күнүгө эле күрүч жеп жатыптырбы. Мына өткөн жайда чөп көп даярдалыптыр, бирок уйларга убактысында жетпей жатты. Уйлар ачка. Чөп артып калды. Сүт да начарлады.

Сөздү зоотехник бөлдү:

— Эмне деп айтмаксыз?

— Асмандын башындагы эмес, колдо турганды туура пайдалансак дейм.

— Колдогу деп кайсыны айтып жатасыз?

— Чөптү, жемди.

— Дагы кайсыны.

— Сарайды жылуулаш керек.

— Жылуулаганда эмне от жакмак белек?

— Сиз урушпаңыз. Айтпай деле коём.— Ширин ачуусу келди.

— Айта бер, балам.— Осмон кубаттады.

— Ушу эшик-терезе бүтөлсө болот эле.— Ширин сөзүн кыска бүтүрдү.

— Ал бүтөлөт. Дагы эмне деген сунушуңар бар?

— Азырынча ушуларды орундатып бергилечи. Ананкысын да көрө жатарбыз. Осмон саанчылардын таламдарын кубаттап, зоотехникти жактырбагандай сүйлөдү.

— Кышкыга караганда жайында тартуу оңой эмеспи, чөптү сарайдын жанына эле жыйса эмне болот.— Ширин зоотехникке суроолуу кайрылды. Ал ошол замат жооп берген жок.— Муну ойлонуп, акылдашып көрөлү, жетекчилерге билдирем,— деп зоотехник блок-

нотуна жазган болду. Мурда зоотехникти жакшы билбеген саанчылар минтип ойлоп калышты: — Мунун милдети ушинтип, ар кимдердин оюн жазып алып, анан директорго жеткирүү го деп. Зоотехник кеткенден кийин саанчылар да өз ара сөзгө кириштн. Саанга чейин убакыт бар эле.

— Баары бир совхоздуку деп колубузду шилтеп коюп жүрөбүз. Саандын убактысы кээде бузулуп калып жүрөт. Кээ бир уйлар талаада ийип, сүт талаага кетип жатат. Аны баарыбыз эле көрүп-билип жүргөнүбүз менен баа бербейбиз. Рас, убактыбызды ошого арнагандан кийин байкап көрөлүчү, саандын маалын туура сактайлы.— Сайрадан бул сөздү күтүшкөн эмес саанчылар. Анткени ал көп учурда эле тескери сүйлөчү, ушул жолку жыйналышта Шириндин жанагинтип сүйлөгөнү Сайраны чындап ойлонтуптур.

— Менин балам менен теңдерден мындай сөз чыгып жаткандан кийин мен эмне болуптурмун, мени кайсы кара теке сүзүп,— баары бир өкматтыкы деп ойлогон Сайра. Бир топко ой жүгүртүп туруп, ушундай чечимге келген. Ошон үчүн көптөн бери өзү көрүп жүргөн кемчиликти ортого салып олтурат.

Бардыгы эп көрүштү: — Жарайсың Сайра, кана өзүң болчу, сага кудай жалгадыбы бейм,— деп Осмон сүйүнө ордунан турду.

— Мага кудай эмес эле, Ширин жалгап отуруп,— деп койду Сайра.

Көпчүлүк ага анча маани берген жок. Мурдагысындай кубатташты, мурдагысындай макулдашты. Саан маалын такташты. Иш илгерилегендин жышанасыбы, бардыгы сергектенип, саанга тегиз чыгышат. Осмон да мурдагысындай кыйкырбайт, саадырып кайра жайытка айдайт. Саан болордо бардыгын айдап келет. Улам жер которуп жайып, алардын жанында.

Жайлоого директор келди. Колунда түрмөк кагаздар. Саан аралыгында алар менен аңгемелешип жатат. Бир айлык саандын жыйынтыгын чыгарып жатат.

— Силер ушул өткөн айда тиги эки баданы басып өттүңөр. Анда көп эмес, ошентсе да мактоого татырлык. Ийгилигиңер улана берсин деп аларды куттуктады. Саанчыларга деп байге ала келген экен, аларды берди. Сыйлангандардын арасында Ширин да бар эле.

Сайра директорго суроолуу кайрылды.

— Азыр го жайлоонун толуп турган убагы, сүт жакшы болуп атат. Кышкысын эмне кылабыз

— Быйыл дурус болот. Жемди мүмкүн болушунча нормага жакын топтойбуз. Азыр короо-сарайлар ремонттолуп жатат. Чөп кенен болот. Кыскасын айтканда жакшы нерселердин жышааны көп. Майда-чүйдө кемчиликтер болушу толук ыктымал, бирок ага сабырдуулук менен мамиле кылгыла. Кана кимде кандай суроо бар!..

— Ал сөзүн токтотуп көпчүлүккө карады. Эч кимден суроо болбоду. Анан токтолуп туруп: — Эмесе менде суроо бар?! Көпчүлүк тым-тырс болду.

— Талаада эгин суудан калып баратат, ар бир бададан экиден киши алып жатабыз. Сугатка он күндөн жардам бербесеңер болбойт. Кана? Калоочулар барбы? Четиңерден эле чакырайынбы?!

Бир азга созулган тынчтыктан кийин Сайра кол көтөрдү:

— Мен эле барайынчы.

— Жок, эже, сиз калыңыз. Сиз бул жерге абдан керексиз. Мен барайын.— Ширин тура калды.

— Эгин сугара аласызбы?— Директор күтүлбөгөндөй Ширинге карады.

— Сугара алам.

— Анда болуптур. Кана, дагы ким?

— Зина барсын, экөө теңтуш эмесппи.— Көпчүлүк жаалашты. Директор да, Зина да макул болду. Экөө директордун машинасына отуруп талааны карай бет алышты.

— Экөөңөрдү эки сугатчыга кошомун, антпесе силерге кыйынчылык келет,— деп директор жолдо карай сүйлөшүп келди. Карагулдун оозунан өткөндө мелтиреп жаткан күздүк.— Карагылачы, кандай сонун чыккан, эми буга суу гана керек,— деп сөзүн уланы жайдарылана.— Эң жок дегенде кандыра бир сугарып алсак,— деп эңседи. Ар кай жерде бирден сугатчы, алыстан таанылбайт. Тетиги Самар, андан ылдыйкысы чоң Асан. Алар өздөрү жетишип жатат. Силер Кайырмададагы арпаны сугарасыңар, анда Алмадай, Токуш жеңеңер бар, ошого жардамдашкыла.— Директор жолдо карай бардыгын көрсөтүп, кайрылып бурула бергенде кең өстөндү жайпай агып жаткан сууга келип токтоду.

— Мына силердин сугара турган жериңер,— деп тээ ылдыйда кулак байлап, кыр тартып жүргөн аялга кол булгалады. Ал шашпай кабелтең басып келатат. Чоң кетмен ийнинде. Жакындап келгенде гана өйдө кыстарган кейнөктөрүн төмөн түшүрүп, жээке чыкты.

— Каалаган кызыңызды алыңыз. Жардамдашат. Үйрөтүңүз.

— Каалаганы келсин. Экөө тең бирдей мага,— Алмадай тигилерге жылмая карады.

— Мен калайын.— Ширин илбериңки унчукту. Ал машинадан түшүп жолдон четтей берди. Директор жөнөй бергенде, Алмадай Ширинге кайрылды.

— Тетиги бактын түбүндө кетмен бар, ошол жерге чечинип жеңилден. Максымдан кере жут. Согуш башталгандан бери ушул айланада менин бутум менен кетменим тийбеген талаа калган жок. Барын иштедик, мына эми жеңилдене баштадык. Жанагы кышында са-

райга кадыр түн тосконуңардан он эсе жеңил,— Алмадай кайраттуу бакылдап жатты.

Ширин бат элё келди. Ал жоолукту тасырайта артка тарта байлап, жеңди каруугa чейин түргөн. Көйнөктүн этегин өйдө кыстарып, кетменди ийинге алган калыбында анын көрүнүшү кадимки бакыбат дыйкан. Баягы ичке тарткан Ширин жок, буту-колу жоонoюп, өзүнө жарашат. Кадик аял эмеспи, Алмадай Ширинди тулку боюна бир көз чаптырып, өзүнчө шектүү жымыйды.— Кош кабат го!

Экөө төрт арык ылдый барып анан бурулду. Эгин да быйыл укмуш. Көл толкунундай болуп, суу ичкен жагы көйкөлөт.

— Буюрса ушул арпанын бардыгы силердин үйларга берилет. Он күн сугарсаң өзүңө тиешелүүсүнө жетээрлик арпа кыласың.— Алмадай тамаша аралаштыра бакылдап, сууну кечип кирди. Артынан Алмадайдын шайыр мүнөзүнө маашырланды Ширин. Кире берген эле жерден бут тизеге чейин батты.

— Кана ичкен тура. Огород сугарчу белең,— деп сурады.

— Дайыма эле, эже.

— Андай болсо билет турбайсыңбы. Мен сени бутун сууга сала элек секелек экен деп жаткан турбайымбы. Алмадай көңүлү жайлана кайрылды.

— Кыр тартып суу жайыла элек жерлерге жеткире баштайлы.

Экөө эки жерде сууну буруп, анан жайылышын карайт. Шириндин кыймылы тез. Улам сууну буруп, жөөк тартат.— Жер тегиз эмес, болбосо мелмилдеп сонун болмок экен деп ойлоп коёт. Бирок, баарына суунун жетип жатканына кубанат. Биринчи суу жайыла баштаган жер эмеспи, көпкө барып жайылат. Кантсе да эми жетесиң го,— деп Ширин экинчи кулактын

оозун ачмакчы болду. Арык мурда салынып, кулактары кошо байлангандыктан сууну буруп коюу оңой. Кийинкисин Алмадай өзү ачты. Кечке маал арыктын аягына чыгышты.

— Эми сууну чоң арыкка салып, анан туура буралы. Чоң арыктан байлоо кыйын. Эски арык, чуңкур. Тетиги эски самандан алып кел,— деди Алмадай. Чөңөөрдөн аярлай басып Ширин бир кучак саманды көтөрүп келип, эски нукка таштады. Үстүнө чымдан чаап салып, таш коюп жатып кулакты бекитишти. Тепсеп, ныкташты.— Эми болду го,— дегенсишип бир азга жайланып отурушту. Ширин өзүнүн бутунун ак шапак болуп бышарганынан улам Алмадайга карады. Алмадай аны билди.— Эч нерсе эмес, көнөсүң. Андан көрө эски-үскү тери болсо жибитип, бутка чактап чарык жасап алуу керек, бар болсо айт, мен эле жасап берем, деди. Анан кайта,— менде да бар болчу. Бүгүн шашылып калып таштап жүрө бериптирмин.

— Бар эле. Эртең ала келейин,— деп Ширин бутунун ачышканын билдирмексенге салды.

— Ошент, аны мен кемпир буламык жегенче эле бүтүрө коём. Кана туралыкпы,— деп Алмадай шымаланган калыбында туруп, сууга карады. Айлана мемиреп, эмелки күндүн ысыгы сууй түшүптүр. Түштүгү тоо, батышы Шамшынын сайы, ылдыйда кырка тигилген бак бул айлананы башка бир дүйнөдөн бөлүп тургансыйт. Болбосо илгерки жомоктогу кадимки көк деңиз. Буруу-терүүсү жок көп-көк талаа. Алмадай Шириндин көңүлүн ушуга бурду.— Мага дайыма ушул көрүнүштөр кубат берет. Ушундай маалда иштесем чарчаганды билбейм.

— Чыны укмуш экен. Сиз бара бериңиз. Кулакты мен эле барып ачып келейин,— деп Ширин өйдө—башкы өстөндү көздөй басты. Суу киргилденбей туна тү-

шүптүр. Сыягы жайланып калган го. Кечкенде бут тизеден матты. Ширин ичиркенди. Кетменди уңгусуна чейин матыра чаап баятан сууну бууп жаткан кулактагы чымды өзүн көздөй тартты. Бир аз октос берип туруп суу ылдый шарылдады. Эңкейиш эмеспи, калган чымдарды саманы менен кошо агызып кетти. Суунун шар ылдый акканына Ширин маашырлана жете келди. Эми эле байлаган кулактан аша чаап жаткан экен, шашып калды. Чымдан чаап, кыркалата коё баштады чымды. Бир жагынан койсо, экинчи жагындагы кургак топурак туруштук бере албай жарыла берди. Шашылганда кандай, чым да чоң чабылбай майдаланып, туруштук бере албачуудай. Шаштысы кетти. Жанагы ичиркенгени, бутунун ачышканы унутулуп калды.

— Эже! Оой, эже!

Алмадай жалт карады. Ширин кол булгалап чакырды. Анан көрүнбөй калды. Алмадай түшүнгөн жок, шашпай жай басып келди.

— О ботом, бул эмне кылганың. Тур.

— Ээ боло албай баратам, кулакты таптакыр алып кетсе эмне болот деп сизди чакырып, сууну өзүм менен байлай турайын дедим эле,— Ширин шашыла айтты.

— Ой, жоругуң жолдо калсын, эжең бул эмес, Шамшынын шар аккан суусун буруууга катышкан, тур, антпей, аны тим эле кап буугандай бууйм.

— Убара болбоңуз, эже, чым же тетиги чабылган бедеден бир-эки боо алып келсеңиз болгон турат.

— Тур дейм, тур. Болбойт. Сен го сен, алдагың эмне болот? «Алдагың» деген сөз Ширинди чочутту. Ыргып турду.

— Алда, эже, ай-я. Сактыгыңыз кээде өтүп кетет. Суу баш бербөөчүдөй окторулуп төмөн акты.

— Бул байланат, балам. Каякка барат эле. Сак болуу керек. Ансыз деле эркек аттуунун көбүн согуш

деген алааматың аймап кетпедиби. Азыр жашсыңар, турмуш оңоло баштады. Төрөгүлө. Эл көбөйсүн, эркек көбөйсүн. Кыздар көбөйсүн, кыргыз көбөйсүн. Экинчи мындай кылбай жүр. Бар, тиги үймөктүн түбүнө, кийимдериңди сыгып кургат. Мен муну жалгыз эле деп, кетменин жээкке коюп чабылган бедени көздөй басты. Ныктап туруп, эки боо беденин учун бириктирип, сары таңгак кылды. Ийнине арта салып, камырабай көтөрүп келди.

— Мына эми, эр болсоң ээлигип көр,— деп суугa туурасынан таштады. Ширин сыгынып кайра келди. Алмадайдын ар бир кыймылын карап туруп суктанды. Чымдан шашпай чабышып, бооланган көк бедени үстүнө коюшту.

Суу кадимкидей багынып, арпаны көздөй жайыла берди. Түбүнөн гана жыбылжып кичине агат.

— Шашпа, эртең менен бир тамчың да өтпөйт,— деп кекенди Алмадай. Күн кечтеп калган.— Бүгүнкүсү болду го эми. Сууну башка өстөңгө буруп кетели. Түнкүсүн суу бедеде болот,— деп экөө бир аз чарчаган абалда айылды көздөй бет алышты.

Он күндүк сугат Ширинге дагы бир эмгектин жаңы барагын ачып койду.

Эми анын кыйындыгын, ары көңүлдүүлүгүн билди. Он күндөн кийин кайра келип, тобуна кошулду. Канча кылса да көнүп калган иши эмеспи, муюп да койбойт. Бир гана жашырын сыр — күндөн күнгө кыймылы салмактана берди.

## СҮЙҮНЧҮ

Самар жыйырма күн эгин сугарды. Он күн чөптү силостоого катышты. Ал сугарып бүтүп эле кетмекчи болгон. Чоң Асан болбой алып калды.

— Ушул силосту сенин келинчегиңдин гана уйлары жейт. башка малга бир грамм да берилбейт, жагымдуу болсун, катышып кет,— деп асылды.

— Андай болсо, барыбыз эле силосто болот экенбиз да, башка жумуштар эмне болот,— деп Самар жыгылыштуу сүйлөп калып калды.

— Муну быйыл уйлар биринчи жейт. Кышка сактаган сүр алар үчүн тузу да бар, чөбү да бар, башкасы да бар.

— Андан көрө беш бармак десеңчи.

— Десе да болот.

Алар улам келген чөптү чуңкурга түшүрүп, минген аттары менен тебелетип, таптап жатышты. Агроном да, зоотехник да ушул ишке убактылууча бекитилген. Жаңы зоотехник келгени агроном да, веттехник да талаа жумушуна — силос даярдоого бекитилди.

— Силосту даярдап алсак,— дешип бардыгы буга жабыла киришти. Алар гана эмес, Чоң Асан, Мырза, Самар да он күнгө жардамга келишти.

Бардыгы биринчи фермадан бери чыккан жолдо аттын оозун коё берген жалгыз атчанга караршты.

Эки этеги эки жакта далбактап, иретсиз дирилдейт. Ат арышын керип учкаяк.

— Ким болду бу ичип-жеп келаткан.

— Ичип-жебей курусун, мас го.

— Ким болмок эле, баягы эле ит кубар Иленбай да.

— Ал эмес, ат Бекбосундун кашкасы го.

— Ким болсо ал болсун, ага эмне тынчыңар кетти. Жакындаганда билесиңер да. Самар чекеден аккан бермет терин сүртүп отура кетти. Атчан бир заматта жете келди. Бекбосун экен.

— Салам айттык.

— Алик алдык. Оймай Көкөтай, тыншылыкпы,— Чоң Асан казакча тамашага алды.

— Тыншылык болмаганда. Сүйүншү.

— Ой, казак, кимге, эмнеге сүйүншү.

— Сүйүншү дегенден кийин сүйүншү да, кимиң берсең аның бер, сүйүншүмдү бергиле. Бербесеңер айтмаймын.

Баары каткыра күлүштү. Бекбосун өзү да каткыра күлдү. Ат менен кошо жарышкансып өпкөсү көөп калыптыр. Бир аз демин басып: — Ой Самар, сүйүншүнү сен бересиң,— деп аттан түшпөй туруп кыйкырды.

— Ойбай, Көкөтай, Көкөтай, болсун-болсун, айтчы деги. Самар да Чоң Асанды туурап, казакча сүйлөп, жакындап барды. Самардын жүзү ого бетер бермет тамчылар көбөйүп албырды.

— Ширин төрөдү.

— Эмне төрөптүр! Эмне?— Тигил тургандар жабыла турушту.

— Бала төрөптүр, бала!—Бекбосун одурая туруп жооп берди.

— Ой, пенде, бала төрөбөгөндө музоо төрөмөк беле. Кызбы же эркекпи, ошону айтпайсыңарбы?—Чоң Асан бийик үнү менен Бекбосунду беттеди. Самар Бекбосундан көзүн албай күлүп турду.

— Баяле ошондой дебейсиңерби.— Кыз!— Кыз! Кырк жылкы!

— Деги аман-эсенби, Беке,— Самарга сөз кезеги эми гана жетти.

— Аман-эсен, бардыгы жайында,— дешти.

— Сен өзүң көрдүңбү...— деп дале Чоң Асан бакылдап жатты.

— Ой,мазесин билбеген кыргыз, анын бардыгын билгидей мен аял төрөткүч белем, мен корукчу элемин.

Чоң Асан сөзгө жыгылыштуу болду. «Сойдуң казагым, сойдуң» деп күлдү. Бекбосун эми аттан түшүп, бардыгы менен саламдашып, Самарды куттуктап, ку-

чактады.— Аялдар жүрөт сынтырда, ошолор айтты. Силердин бул жакта экениңерди билип, чаап келатканым ушул,— деп сүйлөдү.

— Баланын атасы болушуң менен!— деп бардыгы Самарды ортого алышып куттукташты. Самар ого бетер бетинен тер кетип сүйүндү.

— Эрип кетип жүрбөсүн мобу кыргыз, суудан сээп койсоңорчу,— деп Бекбосун Самарды тамашалады.

— Кудайыңды кара, чапкан сайын эле көз чыга береби,— Чоң Асан жооп кайтарды. Бардыгы каткыра күлүштү. Бекбосун совхоздун борборунан көргөн-билгендерин жөн айтпай, тигилерди бир топ күлдүрдү.

## СОҢКУ СӨЗ

1950-жыл эске көп элестерди калтырды. Самар баланын атасы, Ширин баланын энеси болду. Жыл жыйынтыгы да көп өзгөрүүлөр менен толукталды. Совхоз сүт саап алууда мурда болуп көрбөгөндөй жыйынтыкка жетишти. Сарайлар эски болсо да жылуу. Рационго силос, концентрат деген тоюттар жаңы кошулду. Мурда коюу чаңдын арасынан көрүнгөн Ширин эми башкалалардан куйрук улоо бөлүнө берди. Максат жетишилген ийгиликти бекемдөө гана эмес, улам жаңы чектерге жетишүү болуп калды. Жылдан жылга жакшы түзүлгөн шарт анын демилгелүү болушуна себеп болду.

Жылдар жылга тоголуп, арадан көп убакыт өттү. Сайра, Жүмабүбү, Ракыялар учурунда татаал сыноолордон тайгылбай өтүштү. Эми алардын ордун Ширин, Зина, Асыл, Батый, Анар өңдүү саанчылар ээледи. Ал күндөрдүн ачуу тузунан татышып калган Ширин бүгүнкү күндө да эскерип калат.

— Ал күндөрдү экинчи көргүлүк кылбасын.

Ийгиликтин да чеги болот тура, ар бир саан уйдан

жылына 3 миң, 3500, 3700 килограммдан сүт саап алган жылдар көп кайталанды. 1967-жыл Ширин үчүн эстен кеткис жылдар болду. Анын көп жылдан берки эмгеги жогору бааланды. Эки айыл эл — Шамшы совхозу жана Алчалуу колхозунун эмгекчилери Ширинди республиканын Жогорку Советине депутаттыкка шайлашты. Бул ишеним аны дагы көпкө милдеттендирди. Саандан мыкты үлгүлөрүн көрсөтүп гана тим болбостон, өз шайлоочуларынын талабын орундатуу кошумча милдет болду.

Эл Ширинди жогорку мамлекеттик бийликке шайлап эң туура кылыптыр. Элдин өзү менен кошо иштеп, бирге жашаган эмгекчи элдин таламын көздөп Ширин көп маселелерди көтөргөндүгү жана алардын туура чечилип жаткандыгын азыр да көрүүгө болот. Элдин шаарга катнашы үчүн жол оңолуп, автобустун тынбай жүрүп турушу, суу проводунун жүргүзүлүшү, мектеп балдарын транспорт менен камсыз кылуу, саан гүрттөрдү механикалаштыруу сыяктуу иштердин чечилишинде Шириндин депутаттык ролу зор.

Ийгилик дагы уланды. Ар бир уйдан саалып алынган сүт жылына 3750 килограммга жетти. Саандан башка да уйлардан музоо алуу, жогорку семиздикте багуу сыяктуу жумуштар да түздөн түз сааначыга тиешелүү. Булар да ийгиликтүү чечилген.

Ушул эле эки айыл эл Ширинди Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка 1970-жылы дагы шайлады. Жакында Жогорку Советтин сессиясы болуп, анда депутат Ширин Койлубаева чыгып сүйлөдү. Бир кездерде «рацион-прационуңу билбейм, бизге жок дегенде чөптү көбүрөөк берип турсаңар боло» деген саанчы, бул сессияда мал чарба фермаларында механизацияны кеңири киргизүү, алыскы жайыттардан сүттү ташууну жөнгө салуу жана курулуш обьектиле-

риндеги бөгөт маселелерге депутаттардын көңүлүн бурду.

Адамды тарбиялаган, такшалткан мектеп гана эмес, эмгек да тура. Мына, Ширин эмгекте туулуп, эмгекте өсүп, эмгекте такшалды. Чейрек кылымдан ашык мезгил — өзүнүн ууз сүйүүсүн арнаган, энесинен эстафета катарында кабыл алган саанчылык кесипти урмат-сый менен алып келатат.

Жогортодо сөз болуп жаткан мага эчак тааныш каарман менен кыштын кыран чилдесинин мезгилинде дагы бир жолу барып жолуктум.

Ак боркогунун жеңин учкай түрүп, мелт-калт сүттү көтөрүп Ширин келатты. Жүзүндө билинер-билинбес жылга пайда болуп калыптыр. Чаканы жерге коюп, колун илинүү турган ак сүлгүгө сүртүп, бизге бет алды. Жылуу учураштык. Саан аяктап калыптыр. Кире бергенде эле сарайдын ичи эмнегедир ачкыл жыттанат. Жүгөрү силосу экен, саргылт жалбырактар нымдалышып акырда. Ар бир уйдун алдында казан сымал кичинекей чоюн чөйчөкчөлөр. Андан жылжып суу агат. Асты тактай. Ыңгайланып жасалган жөөк. Адам да ылай буту менен кирип барууга даабайт. Тап-таза. Баягыдай бир араба фляга эмес, машина менен кеңири эки рейс жасай тургандай сүткө толгон флягалар.

Чоң рамада ар бир саанчынын күндө саап алган сүтү, күндөлүк режим, нормалар, дагы ушул сыяктуу көп нерселер жазылган.

— Апа, калган уйду саай берейинби.— Анардай кызыл көйнөккө шайкеш келген кара чийбаркут чыптамачан кызыл жүздүү кыз илбереңки үн салды. Ширин мейлиң дегенсип башын ийкеп койду. Ал сөздү бузбайын деди окшойт.

— Азыркы биздин бир айда сааган сүтүбүз илгеркинин бир жылдыгына барабар деп койду.

— Жайындагыдан кандай айрымасы бар?

— Эч кандай дале болбой калды. Тескерисинче жайындагыдан кышкысын сүттүн майлуулугу жогору.

— Ал эмнеликтен.

Ширин түшүндүрө баштады.

— Жайында уйлар жашаң оттойт, ага тойгондон кийин башка жемге көңүлү келбей калат. Жашаңда суу коп болот, нымдуу келип, жегенге ыңгайлуу болбогону менен анда майлуулук данга караганда көп болбойт. Бирок жашаңдын артыкчылыгы мында. Уйлар чер жаза оттоп, бат демийт. Жайдын иши жай да, уйлар кышкы даакысынан ажырап, жылтылдап оңдонот. Ушунун өзү жемге чоң үнөм болот. Ошонун жайдагы тойгон курсагын бөксөртпөө үчүн жана жайдагы сүттү төмөндөтпөс үчүн ушунчалык тоютту берип жатпайбызбы.

— Азыр, кышта кандай айырма болуп жатат?

— Семиздиги боюнча айырма жок. Бардыгы жогорку семиздикте. Ансыз сүт болбойт. Анда-санда гана күнөзгө чыгарганы болбосо, дайыма сарайда багылат. Рациондогу белгиленген тоют эч төмөндөбөйт, бардыгы эсептелген,— деп көңүлү тынчтана жооп берди.

— Дале, баягыдай башка жумуштарга жардам берип жүрөсүздөрбү?

— Ал убак эчак алыс калды. Азыр бардыгынын көргөн камы эле биз үчүн. Биз ошолордун даярдаганын туура пайдаланып алсак болду. Сүт да, эт да ошого байланышат.

«Жанагы калган уйду саай берсийинби»,—деп үн салган кыз эсиме түшүп, дагы бир суроо берүүнү ылайык көрдүм.

— Саанчылардын келечеги кандай, бул кесипке умтулгандар көппү?

Ширин бир аз ойлуу отурду. Анан сөзүн улады.

— Бир кездерде кызыккандар аз да болуп жүргөн. Кийинки жылдарда биздин катарыбызга жаштар көп келип кошулду. Улам бирин көрүп бири келип отуруп, азыр келечегибиз жакшы. Биздин ордубуз бош калат экен деп санаркабайбыз,— деп кубаттана сүйлөдү.

— Жанагы кыз ким?

— Ал менин тунум, Берметим.

— Берметпи.

— Бермет. Бир жыл болду, өзүм менен бирге иштейт. Андан кичүүлөрү окуйт.

— Ордумду бошотуп берейин деген экенсиз.

— Андай дале эмес. Иштейм дейт. Мейлиң дедим. Мындай шартта иштегенге эмне жетсин.

— Самар кайда?

— Баягы эле кесибинде жүрүп, жарым жылча болду саламаттыгына байланыштуу пенсияда. Үй кепен, оокат жетиштүү. Эртели-кеч тоок, каз, күрптөргө жем берип, үйдө,— деп Ширин көңүлү жай сөзүн бүтүрдү.

— Апаң кандай?

— Жакшы эле. Неберелери менен алек.

Аңгыча жеңил машина жакын келип токтоду. Андан үч-төрт киши чубай чыгышты.

— Совхоздун мал чарба адистери,— деп тааныштырды Ширин,— сарайдын батыш тарабында дүкүлдөгөн мотор үнүнөн анын сөзүн чала уктум. Ылдыйраакта мелтирете үйүлгөн үймөк чөп. Жанында трактор үймөк кескич араасы менен...

Тоют цехи экен. Бир тутам чөп да майдаланбай берилбесин жана эле көргөм, акырдан тиш чукурга чөп таппайсың. Цементтелген чуңкур толтура жем. Сарайга жамаатташ салынган бөлмөдө бир нече күнгө белгиленген концентрат. Ара-чородон пайдаланып бир суроо берип калдым.

— Рационуңар өзгөрүлүп турабы?

— Азыр суткасына 30 килограмм силос, 30 килограмм жом, 2 килограмм концентрат, 1 килограмм шрот,— деп колу менен санап кирди.— Жайкысын башка болот,— деп сөзүн бүтүрдү.

Машинадан бир түрмөк кагаз алып дагы бир жигит түштү. Ал поселоктук Советтин председатели Жанжигит экен. Ширинге алып келген кагазын берди. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советине экинчи жолу шайланган Ширин Койлубаева жөнүндөгү плакат экен. Күлүмсүрөп сүрөтү да сүйкүмдүү. Депутаттык значок менен катар Ленин, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу ордендери жана медалдар анын ого бетер ажарын ачып, эмгегин даңазалап турду.

МАЗМУНУ

Жакшы тилек—жарым ырыс . . . 3
Угузуу жана кайрат . . . . . . 8
Жол . . . . . . . 21
Убада . . . . . . . 40
Аяздуу таңдар . . . . . . 59
Убаданын уландысы . . . . . 68
Тоодогу маектешүү . . . . . 73
Сүйүнчү . . . . . . 81
Соңку сөз . . . . . . 84

ОШСКАЯ
областная
БИБЛИОТЕКА
Инв. № 197307

*Бакай Сексенбаев*

ДОРОГА ПОДНИМАЕТСЯ НА ВЕРХ

(на киргизском языке)

Редактор А. Ө м ү р к а п о в
Худ. редактор И. Б у л ь б а
Тех. редактор А. Б е й ш е н о в
Корректор Д. А к к о з и н а

Терүүгө 21/III-1972-ж. берилди. Басууга 4/VII-1972-ж. кол коюлду. Д—02268. Кагазы типографская № 2, форматы $70\times108^{1}/_{32}$, 2,87 физ. басма табак. 4,03 шарттуу басма табак, 3,63 учеттук табак. Тиражы 3000. Заказ № 1092. Баасы 11 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, Кирг. ССР,
ул. Жигулевская, 102, Киргизполиграфкомбинат
Главполиграфиздата Мин. культуры Кирг. ССР.

11 т.

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ 1972